
Тазагүл Закирова



# БОЗ ТОРГОЙДУН ЫРЫ



2017

Тазагүл Закирова



# БОЗ ТОРГОЙДУН ЫРЫ

(ырлар, драма)

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49455

Ош—1993-жыл.

ТАЗАГҮЛ ЗАКИРОВА

# БОЗ ТОРГОЙДУН ЫРЫ

Редактору Кармышак ТАШБАЕВ.

Корректору Кайринса ЭРКУЛОВА

Техн. редактору Л. ШУЛЬЧЕНКО.

Оштогу тарыхый-маданий мурастарды жайылтуучу «Насыят» ишканасы.

Каржылаган Ош шаарындагы райондук электр тармактарынын жамаатына, жетекчиси Абдыкалык Молдоисаевге автор ыраазылык билдирет.

Терүүгө 2. 09. 93-ж. берилди. басууга 20. 12. 93-ж. руксат берилди, 7,2 басма табак, форматы 60х84 1/16. Буйрутма № 5241. Нускасы 10000 даана, баасы эркин.

---

Облустук редакциялык-өндүрүштүк бирикменин Оштогу басмаканасында басылды. Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209.

Атам Закир, апам Анардын
эстелигине арнаймын.
автор.

## ЫЙЫК ЖОЛ

Чоң жол менен келем басып жай гана,
Дүйнө — жүзү көз алдыма тартылып.
Жылуу кучак жайып турат айлана
Жер толуптур, эл толуптур. Барчылык.

Сапар алыс керек далай басууга,
Ой-канатчан күн желесин айланат.
Таманыма ар бир куму — ташы да —
Тааныш, жыргайм.
Жели саамай аймалап.

Барам бирок, ички сырын биле албай,
Бу кан жолдун элден-журттан жашырган.
Көзгө илинбей турса дагы ал сыры,
Мен сырымды ыйык жолдон жашырбайм.

Ыйык жолдун элди иргебес жайы бар,
Айкөлдүктүн белгиси го бу дагы.
Жакшы-жаман, улуу-кичүү. Жаныбар...
Ууру, ушакчы, басат кудай урганы.

Дүйнө кезген саякатчы, соодагер,
Өтөт пенде ооздон түшпөс келмеси,
Анан дагы кыз көчүргөн жеңелер
Нээтке ылайык тандайт жолун пендеси...

Бири келет, бири кайтат базардан,
Турмуш өзү жөнөтүп же келтирип
А бул жолдор кыймылдарга тазарган
Дуулдаган моторлорго чертилип...

Эчен кылым жолдун бетин кан чайып,
Энелердин көз жашынан жуулган.
Мезгил зуулап өтсө дагы канчалык,
Жол мактабайт, жол чыгарбайт чуулган.

Таң азандан малчы, дыйкан, койчуман
Эрте туруп кызматына жөнөшөт.

Мен да аларга атаандаша тең турам,
Качан болсун, кимге болсун жол жетет.

«Теңир колдоп, жолуң болсун!» — дейт эне,
Астанамдан башталат да жол кетет.
Бу канаттуу кыялымдай жарышкан
Кан жол элди күнү-түнү терметет.

X X X

Көңүл мээнип кучак жайганга,
Келатат жаз, жер да чымырайт.
Дарак жандуу бөртүп кичине,
Чымын-чиркей үнү угулат.

Кагылайын келген көктөмүм,
Канча пенде кетти арманда.
Карап эле турдук өчкөнүн
Убагында жетпей жардамга.

Канча пенде келди дүйнөгө,
Үн барынча ыйлап, баркырап.
Жексур жашайт өлбөй дүйнөдө,
Элестетип өзүн шам чырак.

Арсыз жашайт жанын камчылап,
Беш томолоп ою пайдада.
Көздөгөнү мансап, төр болуп,
Элди иргейт чоңго, майдага...

Аты аталса жакшы башканын,
Ошол замат күйүп менчи? деп, —
Корумдалган гөрдүн ташын да,
Өлүмтүккө жыйнайт энчилеп.

Жаздын бирок анда иши жок,
Кең пейилдүү көктөм чалкыган.
Кубансын деп жандуу тирүүлүк,
Гүлүн жайып жүрөт аңкыган.

Телегейим кийип башайы,
Мен бактылуу жыргап олтурам.

## КҮҮ

Кайрыктар улам таңшып безеленип,
Жүрөгүм комуз сырын сезе берип
Атамдын тизесинде күүдөн уктап,
Күү угуп ойгончу элек көңүл эргип.

Манжалар үч кыл терип ойногондо,
Комуздун кулагынан тиштеп угуп,
Көзүмө элестечүү бир ат чабыш,
Алдыга озуп келген буурул күлүк.

Күү ойнойт, жүрөгүндө ажайып күү,
Боздотуп үч кыл терет атам үнсүз.
Эгиздей ажырабайт комуз экөө,
Сыяктуу болбогондой айың күнсүз.

Күү ойнойт, жаштык чагын эңсейт жүрөк,
Ырдайт ал, кубанычтан жыргап күлөт.
Жорголоп айды-жылды манжа эсептеп,
Күңгүрөйт эмненидир, үшкүрүнөт.

Кең көөдөн комуз сырын сезе берет,
Кайрыктар улам таңшыйт. Кыял чабыт —
бирме-бир кылым үйүн кезе берет
Канаттуу алыс чекке сапар алып...

Бу күүлөр тулпар-дүбүрт, токтобогон,
Кылымда бир-бирине окшобогон.
Учкаяк ат жалында жүрүп келген,
Үч кылы тилин безеп сырдуу обон.

Эрдикти шаңдуу коштоп, кубаттаган,
Ээндикте өткөн күндөр чубактаган.
«Камбаркан», «Сынган бугу» көөдөн бийлеп,
Жетиптир атакеме жети атадан...

Басылбай ак жаандай төгүп келген,
Лөк болуп атан төөдөй чөгүп келген.
Тагдырдын түрдүү-түмөн кереметин
Кылымдар комуз-күбө көрүп келген.

Тоолорум кебелбеген, куудай чачтуу,
Кыздары күн уялткан болуп ак куу

Жылкычы укуругу көк тиреген
Сүйүүсүн комуз менен ырдап айтчу.

Күлүгү зыркыраган даңканы алыс,
Билиги шам чырактын өчүп-жанып.
Дөбөдө көзүн албай жол караган
Жакшылык тилеп черткен карыябыз.

Уккан күү мооку канбай, миң бир ирет,
Атамдын жүрөгүндө ойнойт түнөп.
Терилген ар бир кылда өзгөчө ыр,
Өзгөчө көкүрөктү ээлеп жүрөт.

Дал ушул күү алдында тизе бүгүп,
Баатырың, акылманың, Умай эне
Жашоонун көз ирмемдик доорун сүрүп,
Комузду ыйык сактап келген эле.

Биздин дилден ойготот арууулукту
Ыйман деген азыр-бүгүн.

## АТ ЧАБЫШ

Ат чабыш
күлүктөрдүн төрт аягы тыбыраган,
Жалгыздык
Туш-тарабың сүрөөн, жарыш.
Антсе да мара тиги көздөн учат,
Жеңилбе,
Эр жигитке керек намыс!

Алгырсың
көзгө илешпес,
тыйыныңды жерден эңген,
Капилет болбосо экен
дайра-жолдо...
Аркырайт
бет алдыңан шамал-каршы,
Өзүңө ишенесиң, теңир колдо.

Сапарда
көкүрөктү өргө айдаган
Ишенич —
ташыркасаң же акактап суусасаң.

Ат жалында, ат жалы да туу болуп.
Ар жалгыздык,
Күлүк келет калат чан.

Ат чабыш
көп ичинен чыгуу үчүн суурулуп,
Күчтүү буттар, учкаяк жал-куйрук да
Канат болот.
Кара тери куюлуп
Тиги мара
Тагдырың да,
Буйрук да!

Көрдүңбү?!
**Ат соорусун камчы тилген аёсуз**
Ай туяктан даңканы учат
бүлүнгөн.

Мара-Жашоо!
Ак сакал, ак элечек —
ызаланган же багжаңдап сүйүнгөн.

Топ ичинде баратасың бүгүн сен.

## ИЗДЕР

Балалыктын тамандары
баягыда баскан жол.
Апам менен тайэнемди
ээрчип,
болуп эрмеги.
Ташбаканы эркелеткем
сылап, колго көтөрүп,
Топурактуу чыйыр жол
Адыр менен жорголоогон
Амансыңбы?!
Кагылайын —
менин жаштык издерим.
Сагындыңбы
менчилеп,
тамандарын
Балалыктын жылаң бут
кечип жүрчүү
ысык чаңды
адырма адыр

Чыйыр жолду кубалап,
Чымылдыктай чуркаган
Тамандарды сагындыңбы —
дебейинчи

билесиңби,
Сен билбесең ким билет —
тамандардын топуракта
калып калган издерин.

Х Х Х

К. Исмаиловго

Жал-куйругу канаттай желбиреген,
Күлүк тарттың алдыма, агатайым.
Алыс жолдон каржалып келген элем,
Көтөрүлтүп койдуңар, баратамын.

Күмүштөгөн жүгөнү, көмөлдүрүк,
Куюшкан да жарашкан соорусуна.
Жаныбардын кулагы шамдай күйүп,
Жарышкансыйт шамалдын добушуна.

Жасалыптыр чеберлеп ээр-токуму,
Аземделип тапталган туйлайт күлүк.
Ооздук тартпай такымдайм, эр жосуну —
Үзөңгүнүн салты го, катар жүрүш?!

Сан күлүктүн сүрөөнү алып учкан,
Эңсеп келген черимди жазайынчы.
Туягынан тулпардын жанып учкун,
Бул байгеде бир намыс алайынчы.

Аргымактын жалында ойноп куштай,
Тизгин тартпай зымырап өтөйүнчү.
Теңсинбеген жигитти неге утпайм,
Чү жаныбар!

Марага жетейинчи.

## ЖОЛ

Ж. Шараповго

Табышмактуу шаардын биринде
Табышмактуу жайдын түнүндө
Көгүчкөндөй экспресстер

Шашылууну үмүткө аралаш
Ташып келет эрте, кечигип...
Түйүнчөктүү, кыжы-кужулуу
автовокзал ачат коюнун.
Таңга чейин сыры чечилбей,
Табышмактын жообу кыйындайт.
Кумурска — ой кезип дүнүйө
Түнкү сапар минтип тыйылбайт.
Чыйыр-булак жолдор бырыштай
Магистрал — дайра агылат.
Кайчы өтүп кээде жолукпай
Келүү-кетүү анда жаңылат!
Жашоодогу максат-сапардан
Артка кайтуу өлүм барабар.
Аз өмүрдү жолдо өткөрдүк,
Картаюда күтүп авалар...
Суюлду көп достор катары...
Көңүл — кептер болду жарадар.
Сырдуу шаардан үйгө кете албай
Көөдөн мелт-калт куса-ызага.
Автовокзал куштук коного...
Экспресс — ортомчу убара.
Жолдор, жолдор
жатат чубала.

## САПАР

Айтса баасыз, сары талаа кең жатыптыр,
Ак кар, көк муз булуттуу бел жатыптыр.
Түтүн булап түндүктөн — жашоо шаани,
Жылгаларда беймарал эл жатыптыр.

Көптүн сугун түшүргөн жердин көзү,
Коймолжуган перидей көл жатыптыр.
Мээр чөбүн чайнаган куттуу жердин
Күтүрөгөн төрт түлүк мол жатыптыр.

Мандай терин аябас момун дыйкан,
Тапкан нанга керсейбей жөн жатыптыр.
Жибек жүндүн көйнөгүн тандап кийип,
Мал түйшүгүн түшүнбөс эр жатыптыр.

Кабарган кол оорусун али укпаган,
Нанды «нана» деп жеген кем жатыптыр.

Тапкан акын доолабас уят го деп,
Баба дыйкан — кудайга тең жатыптыр.

Учуп келем асманың ачык күндө!

## САМОЛЕТТОГУ ЫР

кызым Гүлзадага

Бул сапар көп коротчуу каражатты
Укмуштай көзгө илээшпес тездик менен,
Көк ирим бийиктикте бара жатты.
Көрүнөт булут кечүү, жашыл өзөн.

Өзгөчө аппак тоонун чокулары,
Сыйрыбай үлпүлдөткөн шөкүлөсүн.
Алдыда суусу дагы, оту дагы
А бирок, жеткенче ага кетилесиң.

Учууга канат керек ишенимдүү,
Жана да жалындаган жүрөк оту.
Сапарда кимдин кимин болот билүү
Ал жердин эшиги бар, терезеси...

Асмандан жер жашырып сырын терең,
Сууларын бууга айлантат.
куугa айлантат.
каалгыган жер үстүндө маалы менен.
Бизге азыр үзөңгүлөш бара жатат.

Чоң сыноо али алдыда, дилдин куну —
Өлчөнөт ыймандын да даражасы.
Ооп-кыйыш боло түшөт күч келгенде
Ооматтын төмөндөсө таразасы.

Бул сапар көп коротчуу каражатты
Тездиктин бийигинде ушул ирмем.
Кыргызстан сени менен бара жатты
Калышпай чогуу ээрчип айдан, күндөн.

Көп заман көрүп келген, угуп келген
Саресеп салат мезгил-таразачы.

## ЖАҢЫ КОНУШ

Мына жаңы Планета пайда болду,
Беш кабаттуу, жарык сонун.
Жаңы жашоо арапасы шаңга толду.
Көчүп келет үй тийгендер түрдүү-түмөн..

Буюм-тайымдуу, машинелүү,
Субай-салтаң, үй-бүлөлүү...
Жөө-жалаңдап, арабада ташынышат.
Ким бирөөсү конок күтүп бапырамак,
Бирөө анда мүлк жыйноого ой чубатат.
Бири жайып таар шалчасын
колдо сокгон,
калы килем сыяктантып
кең пейилин жаркыратат.
Кубанычтуу жаңы конуш —
кыйма-чийме, сарамжалдоо
колдо барын ар ким бүгүн...
Улуу-кичүү,
аксакалы бата тилейт:
— «Оо, бул конуш жайлуу болсун!
Майлуу-сүттүү, издүү-куттуу.
Кең пейил, кетпес дөөлөт
кошо консун!
Ынтымак үйгө толсун!
Ыймандуу кыздар өссүн,
Уул чоңойсун!
Планеттин —
башкалардан кем калбаган
Абийрине тете болчуу!». —
Улуу тилейт, кичүү тилейт
Ак тилегин.
Чатырап арча түтөйт...
Байбиче ысырыгы,
Жаңы конуш шаңга толо.

X X X

Азизама

Сербейген назик периштем
Бой мүчөң сонун келишкен.
Ачылсын бактың жаркыным,
Уул-кыздуу болгун эгизден.

Кадырга жетип сүйгөнүң,
Кызматың жүрсүн алдыга.
Балкайып толуп, гүлдөгүн
Буйруса баары алдыда.

Мөмөлүү дарак-мугалим,
Окутуу ыйык, сыймык иш.
Бийикке жетсин чыдамың
Жар болуп турсун чоң жеңиш.

Майданын жайы табылат,
Коробо аны ойлонуп,
Жыргалда жаша берекем
Ар күнүң майрам-той болуп.

## КУТТУКТОО КАТ

Жапжаңы куттуктоо кат,
Биринчи жаңы жылдын барагына
Мекенимдин
уч-кыйырсыз кумдуу чөлүн,
Алкынган тулпарларын,
Жалындай жигиттерин
эске салып,
Шатыра-шатман
үйгө кирип келди
Кандай бакыт!
Төрөлгөн
тунгучундай жаш бүлөнүн,
Куттуктоо кат
Келди эртелеп,
Кенедей саптарына
батырган кең пейилдүү
оттой сүйүү,
Ааламдын чексиздиги — сагынгандай
досторуңду.
Бир кайруусу мажор күүнүн
Толду үйүмө жылчык койбой.
Кээ бирөө көзү каткан
мансап эмес,
байлык эмес
Мага зарыл Көңүл сөзү
жетип келди

Таң азандан.
Шаттанамын
Аздекген назик кармайм
өбөм сени, Көңүл Сөзү!
Куш келипсиң!

## КЕЛ, НООРУЗУМ!

Нооруз келди, калкым күткөн жаңы жыл,
Жадыраган берекенин майрамы.
Эл күтүрөп данын, нанын бышырсын,
Аман болчу эл ичинде сен дагы!

Кел, Ноорузум, кадимкидей келе бер!
Сүмөлөгүн кайнатууда энелер.
Жаз жадырап, улуу-кичүү кубанат,
Дарак бөртүп көктөйт,
мээнийт Эне Жер.

Куштар дагы бир өзгөчө сайраган,
Ырга-күүгө толуп чыккан айланаң.
Дасторкондо дүйүм тамак жети түр,
Казан толо Нооруз — көчө аш кайнаган.

Кел, Ноорузум, чоочуркабай келе бер!
Алоолонто от жагылган. Жардаган —
аксакалдан наристеге чейинки
Күткөн калкым —
Сенин сыйың, даңазаң.

Кел, Ноорузум, ынтымактын, ырыстын,
Кылымдарда ыйык туткан белгиси.
Кутман жерди шаңга бөлөп,
көрк берип,
Ырыскыга карк кыла гөр элди ушу.

## ФУТБОЛ

Булгаары той.
Алгыр, учкул жигиттер,
Ал оңойбу? көзгө илешпей илип көр.
Майдан жарыш
булчуңдары түйүлгөн,
Жүгүрүү бар үзүлгөнчө жиликтер!

Чабандестей
                    үзөнгүлөш жарышкан,
Тарамыштар таштай бекем карышкан.
Намыс үчүн кара жанды карч уруп,
Жеңилүү бар,
Тең чыгуу бар жарыштан!..

Абал кыйын...
Коментатор жигиттин —
бар алынча сүрөй бүтөт үнү да.
Күйөрмандар уу-дуу деңиз толкуну
Кыйкырылат кубанч, өкүнч угуза...

Жашоо дүр деп, топ өткөндө көрктөнүп,
Ашып кетсе бир тал чийдей өрттөнүп,
«Аттиң айы» — «азаматтар!» — дегенден
Кээде кетет эмнегедир көп болуп.

Булгаары топ аны сайын ойт берет,
Колго тийбей бир жылт деген сүйүүдөй.
Күйөрмандар,
            микрофон,
                        ышкырык —
булчуң эпсиз чыңалган да, түйүлгөн!
Чымын — куюн футболисттер
                        дапдаяр,
бир ирмемге оомат келсе күйүүгө!

Майдан.
      Жарыш.
Булгаары топ алдыда.
Кыйын сыноо
            убакыт аз калды да...
Намыс сүрөйт:
      «Бол, алдыга, алдыга!»

## БЕШИК ТОЙ

Супсулуу келиндер элеңер,
Тажикан, Даткайым, Зейнелер...
Ырдаса көздөрү жайнаган
Кутбия, Мукарам жеңелер.

Улуудан бир жакшы ийменип,
Үй күтүп, кыз көрүп, уул көрүп
Агалар Өмөрдөй, Төкөдөй

Чоң ата болууга үлгүрүп,

А силер каркайган байбиче.
Ырасмы, улуулар жай салат,
Кичине Максаттай инилер
Жактырып борбордон кыз алат...

Келебиз жентек жеп, бешик той,
Чачыла, ак бата бөбөккө.
Убакыт байланган унаадай
Селкинчек салынбайт терекке...

Зыңгырап жаштар да башкача,
Ойнолбойт «Ак чөлмөк», «лангиси».
Ким «зуу» — дейт чикитти чаппаса,
Сыпайы,
сырдашпайт ар киши...

Коңшулар Саадаттай, Зөөраим,
Тандырдын жанына чогулбай...
Эстеймин апамдын ырайын,
Албырган тандырдын чогундай...

Ороздун тепкедей тун кызы,
короодо козусун кайтарат.
Атасы албеттүү болуптур,
Атамдын олбурун кайталап...

Мээримди боорсоктой жайнатып,
Бешик той,
сырдаштык жеңелер
Жаштыкты сагынып калыппыз...
Чачбактан тарткылайт небере.

## АМАН БОЛЧУ, ЭЛЕТ ЖЕР

Санааркасам, ага себеп бар чыгаар,
Уулдар билбей бир сап ырдын маанисин.
Эне тили болгон менен түшүнбөй
Мукактанып тургандарга жан ачыйм.

Өз тарыхын, таржымалын үйрөнбөй,
Чоң панелдүү окшош курган үйлөрдөй
бир калыпка түшүп ойлоо, кабылдоо,
«Эски салт» деп элдик делбей жүргөнгө.

Окуй албай алп Манастан бир үзүм,
«Тааныбаса» Токтогулду, Барпыны.
Цитата издеп «дүйнөлүктөн» кыз үчүн,
Аалам таңсык гений элде бар туруп...

Өз тилинде жалбара албас уулуна,
Атасы өтсө өкүргөнгө жарабай
(келет дечи ар бир башка бир өлүм)
Балаң туруп боло албаса баладай...

Кожосундай үстөлүнө табынып,
«Жаңыча» деп калктын кескен кендирин,
Өздөн чыккан «чала молдо дин бузар»
«Башкаргансып» билбей элдин
Элдигин!

Тирүүлүктүн гөйгөйүнө сабыркайм,
Саамай сылап, сен жыттанган келет жел.
Ата наркын ыймандай сактаган
Аман болчу, уюткулуу Элет Жер!

X X X

Тоого келдим
шыбак жыты буркурайт,
Эң биринчи жаздын келген элчиси.
Торгой ырчы табиатка күү сунат,
Желаргы да анын болот энчиси.

Мен сагынган
бул белестер шыбактуу
эске салат тоонун желин сыдырым.
Түркүн чөптөр эми чыккан жер жарып,—
сыяктанат көөдөндөгү бир ырым.

Көк дүркүрөп
каптай элек жер бетин,
Ойлорумдай
сени издеп жайнаган.
Тоо асманга күзгүлөнтүп келбетин
Чукуранып ойгонууда жай гана.

Бардык бийлик боз шыбактын колунда
Сен жөнүндө,
мен жөнүндө кабардар.
Жалама зоо горизонттун фонунда
Махабаттын чокусуна барабар.

тик бетинде жаш баладай жылаңач
Күн баратат.

X X X

Келди жыл, мейман сындуу
Кыялы күтүлбөгөн алп эч кимге.
Кылактап жолдуу жанга күмүш нурлуу
Чексиз бир бакыт болуп келди бирде.

Келди жыл, келин сындуу,
жаңы гана тартынчаак
же тастандак...
безилдеп жаагын жанган — болуп чырлуу
же болсо эне сыйлаар, эл кастарлап...

Келди жыл бөбөк сындуу,
азыр эле ыңаалап бу дүйнөгө...
наристе, таза бойдон.
Тилейбиз —
Ата уулундай кайрымдуу бол.

X X X

Билгениңдей
Жаңы жылды тосуп алдың...
Досторуң келдиби ойго?..
курбуларың...
Жайнатып дасторконду дүйүм даамга
Жадырап уул, кызың
колдо барың...

Күйдүргү сөз ыргытып (адатыңча)
Көңүлдүү маанай бердиң.
Өзгөлөрдү —
оюңа албасаң да, өздөрүнчө
биринен сала бири ойго келди!

Жашадың, дүйнөң түгөл
баары ордунда
жашадың
сыяктанып ойдогудай.
Чынында оор, жеңил саат боло берет
Кээ мезгил
чамаң жетпей ойлогудай...

...Узаттым эски жылды марттык менен,
Чоң ачып эшигимди, тереземди.

Жаңы жыл тостум кенен кучак жайып
Ал сендей

Ай — ааламга толо келди.
Бүт баары болсун эми ойдогудай!

## СҮРӨТ

А. Асранкуловго

Холст. Май боёк.
Тамеки тизген бир кыз.
Далысы — сары талаа
Күз деген бышыкчылык.
Саамайы салаа — салаа,
Күзгүдөй жүзү тунук.
Колунда жапжашыл жалбырактар,
көгөндөлгөн козулардай,
байланып турат, ана!
Талааны этектеген —
Сары адырлар —
нан түспөлдүү,
кертим — кертим.
Андан ары ак чокулар
текебердүү.
Булут — толкун.
Көгүш асман чагылтат —
күзгү болуп
Кыздын көркүн.

## КҮЗГҮ ОЙЛОР

Күздө ойлор салмактуу, күздө ойлор,
Бышып жеткен ийине, бышып кеткен.
Саналгандай түшүм да, миң сан койлор
Качандыр бир жаз келген,
келген көктөм...

Жер кыртышы жасанган жашыл көйнөк,
Тамырлаган тирүүлүк,
куйган жамгыр.
Барик жайган бутакта жаз жели ойноп...
Далай гүлчө бышырды
мээрбан — тандыр.

Эчен булак көз жарган
муздак — кашка,

Тили каткан бир канча булбул—жардын
Күлүк болуп жетилди кулунчак да,
Канаттуулар учурду балапанын.

Кумурсканын сүйгөнү — жалаң эмгек
Баардан ушул күзгө че, тыным билбей.
Казан болгон жаздарды көңүл дегдеп,
Ойлор,
ойлор жыйналган додо күлдөй!...

Жашыл жаздын өрөөнү кызгалдактуу,
Чала көргөн түштөрдөй балалык да,
Жылдыздардын шыбыры,
чыйыр жолдор
Алыс калган кол жетпес аралыкта.

Биз турган жер турмуштук Чоң Арена,
Жыйырманчы — бу кылым атом доору.
Тизгин жыйбай учуулар көктү тилип,
Жылдыздарга уйку жок, кыйын болду!

Майып болгон Херосима, Нагасаки,
Уккан Бейрут элестейт улам кычап...
Планетти чыңалткан жан коогасы!
Казан ойлор
Ааламды кезет, учат!

Учуу доору.
бейтынчтык Аренада,
Күзгү ойлор салмактуу
баш оорутат...

## АЗАМАТКА ЭКИ ООЗ СӨЗ

Билсең эгер дурус болмок, Азамат,
Чоң энендин кол жетпеген ойлорун.
Сен чырылдап, гезит күткөн макала
жазылбады, айтылган жок ойдогум.

Түшүнсөң го, бир ирмемдик убакыт,
Бу түйтөйгөн энең үчүн чоң өмүр.
Атаң дагы сендей кежир бала эле,..
Жалаң гана бакча болуп келемин...

Бирин тартсам бири калат түйшүктүн,
Эртеңкинин куржунуна кошулаар.

Сен эр жетип, эртең сенин балдарың
Дал өзүңдөй кежирленип олтурар.

Чоң атасы, чоң энеси анын да
Жалбарышаар, ширин дешет небере.
Азаматым, чоёндошуп иш бүтпөй
Калайыктан калган турам жемеге.

Бул турмуштан чарчап бүттүм каржалып,
Ыр — чырынды койсоң болмок жөн эле.

## САГЫНЫЧ

Сагынттыңар, чыйыр жолдор чаңдаган,
Уяң селки, уяң улан андагы —
албырган жүз, көтөрүлбөй кирпиги
Жигит сүрдөп, колду коомай кармаган.

Сагынттың го, ак чөлмөктүн таягы,
Айлуу түндөр, эч капарсыз балалык.
Ар кимибиз тагдыр издеп турмуштан
Жылдыздардай көккө сиңген, тарадык.

Дос, курбулар, классташтар бирге өскөн
Жаш курактын жашыл багын гүлдөткөн.
Жайбы, кышпы жазып жүргөн ырларым
Силер үчүн арнап келген гүл дестем.

Бала кездин башка түшкөн түйшүгү...
Булак суусу кайталаган күлкүмү.
Ата-эненин бөпөлөгөн мээрими,
Эсте, эсте
жылуу сүттөй бир чыны.

Мээрбан айлым, жол боюнда мектебим,
(чынын айтсак, аябаган шок элек)
Акылга мол, кечиримдүү агайлар
Бала болуп кетким келет дагы эле.

Көп сагынтат ал капарсыз балалык,
Тили ширин неберени багабыз.

## ААРАШАНДАН АЛТЫ ЫР

1. Балалыкка кыял чабыт

— «үркөр-үркөр, топ жылдыз,
үркүп кайда барасың?
— Желим тоого барамын»...
Тоголок Молдо

Оюн-күлкү сейил куруу жыргалы
Эртеңкиге буйруганы тургандыр...
Кеттик азыр сайды бойлоп, ээрчишип,
Шыбак кечип, жыттап кызыл, сары гүл.

Суунун шары күүлдөсө караба,
Агымын да өмүрүндөй санаба.
Кыялдануу балапан ооз куракты,
Кызык болоор, өзүңө да мага да.

Кейип-кепчип эстебейли жок жайын,
Эстебейли! чөгөт көңүл дапдайын.
Ырдап көрүп, колдон келсе балача
Жамыналы жылдыз толгон асманын.

Каткырыгың түндү жерге тийгизбей,
Жаккан отуң түн канатын күйгүзбөй.
Күзөтөлү кадыр түндү шумкарым,
Айлуу түндү ким коё алат сүйгүзбөй?

Үймө жүктөп, арабасын айдаган,
Саманчынын жолу саман жайнаган...
Коёлучу ташын терип, тегиздеп,
Чарчагандыр каттай берип ар заман.

Үркөргө да эш бололу үркүтпөй,
Желим тоосун самай берген ыр күтпөй.
Чоң, кичине жетигенге баш ийип
бийиктейли, көздөр көрсүн бүркүттөй,

Суктаналы жарганаттын бийине,
Айылчылап үкү-акылман үйүнө
Куйма кулак аңгемесин угалы
Тазаралы, кеңий түшсүн дүнүйө.

Көзгө илешпес бийиктикте болсо да,
Бутуң тийген ыйык жериң колдосун.
Коштоп жүрсүн ар качандан бир качан,
Наристедей балалыгың, жолдошуң.

### 2. Түнкү чырак

Көчөдө түнкү чырак.
Тээ алыска жарык төккөн,
сары жарык чачыраган тегерекке.
Фонтанга окшош калаадагы,
жок, ал кудум шаркыратма!
Тоодон түшкөн, тумандаган.
Бу тумандай түндү аралап, кетет чексиз

тасма жол да тегеренип
Жер шарына
Келеп жиптей,
Ток зымдардай
жарыкты көтөрүнө
алып жүрүп олтурат.

Ала булут самсаалаган,
ак төөнүн чуудасындай ала булут,
Көптү көргөн көчүп жүрүп..
Дүйнө уйкуда, мемиреген тынч уйкуда
Булуттар сапар улайт каяккадыр,
Тынымы жок.
Жарык төгөт шаркыратма --
түнкү чырак көчөлөргө.
Сеңселген саамай чачы
чачылып жастыгына
Кызым да таттуу уйкуда. (Эл катары)
Планеттин дем алуусу —
Дайрадай күүлдөгөн,
поезддей шакылдаган,
лайнердей зуулдаган
Үгулат ылдамдыктай
бараткан таңга карай.
Тасма жолдой токтобогон
Планетти жарык кылат
түнкү чырак,
Ылдамдыкты өзүнө жарыштырат
түнкү чырак.
Ар бир жанга ырымдай
барып турат
Түнкү чырак.

### 3. Шамал

Тоо шамалы дуулдап түнү бою
Эрегишип аккан сайга,
Үйлөрдүн чатырына, далдоолорго
кирип-чыгып,
ышкырыктуу ырдап ырын
тыным албай тең жарыша
агын бойлоп жүрүп чыкты.

Угулуп турду мага терезеден,
чырагым экөө түнү —
Эш болду, кирпик какпай

Ак турду күзөттө ырас.
Тоо шамалы ирмем жатпай
бардыбы?! Айнегине досторумдун
ырын ырдап, мен үчүн кабар алып.
Түштөрүнө кирдим окшойт,
жакшы болду
Түн кыдырган айга да эш.
Ойлоп калдым
Жел тегирмен буудай тартып
жыргамак ээ,
шамал жатпай жүрүп турса...

Кыштагында.
Күзүндө барганымда —
тегирмен таш — экөө тең
жөлөнүп эски тамдын дубалына
кемпир-чал сыяктанып
күнөстөп турушуптур,

Кызматы бүткөн окшойт...
Жаштык менен карылык аралыгы
убакыттай тегирмен таш бир айланган.
убакыт өмүр кезет шамал болуп,
дүйнө кезет шамал болуп.

## 4. Чөп чабык

Бел курчоодон өскөн чөп
кызгалдактуу
Курч чалгыда
билектүү жигит чабат.
Сулап катар
артында бир сол калды.
Чөп жыттанган дөңсөөдө
чалгы шарт-шурт.
жаштыкты эске салат
Кайрактын чалгы мизин курчутканы.
Улам артта бир сол сулап кызгалдактуу
соолумакта, уругу бышып жетпей...
Жигиттин
буртуйуп булчуңдары
чалгысын шилтейт, шилтейт...
Ала булут ылайыктуу, чөп орокко
Аптабы сызгырылтпай.

Дарыя куркүрөгөн
кызыл жошо
Кечээги жамгырдан соң
көбөйүптүр.
Күчтөнө түбүндөгү ташты оодарат
күлдүрөтүп,
Айлана мамыр-жумур ал антпесе.
Көк жыттанат. Тушалган кош аягы
дөңсөөдө бир ат оттойт.
Чалгы шарт-шурт. Улам артта
бир сол сулап кызгалдактуу...
Майданда сулагандай боз уландар
кан жошолоп... согуш жылдар,
жатышат гунчасы да ачыла элек
Кызгалдактар.
Бозоргон чөп үймөктөр— бейитиндей
Аталардын!
Эбакны сөөгү сөпөт болуп бүткөн.
...Кайрак, чалгы
бири бүлөп, бири курчуп,
курчуйт шарт-шурт, орот шарт-шурт.
Жигитке буртуйган булчуңдары
кенедей кара бала жарма ташыйт,
Кызгалдак жыт.

**5.**

Чөп орулган аңызда басып жүрдүм,
Издеп кызгылт издерин балалыктын.
Бутумду чөңөр тилген,
ыйлаганым.
Түрлүү түмөн көпөлөктөр.
Бар эле го!
Апам назик
кызыл шайы көйнөк кийген...
окшош болчу, гүлдөрүнө бул өрөөндүн.
Атам өрттөй
шартылдаган жан эле го?!
Эсиндеби, ыйык жерим?!
Эсиндеби?
«Ооба, андайлар өмүрү аз, келип кетет
коюнуман коюнума...» Жер күңгүрөйт.
— Аның ырас, бейиттерге гүл өсүптүр?..
сурайм кайра.
Ал унчукпайт.
...Бейитте гүл
жаңы ачылган, үлбүрөгөн,

жаш эне азыр гана көз жаргандай.
Балким, абдан кубангандыр жер
кыртышы?!.
Кеч күздө кыздуу болгон
ата-энем сыяктанып...
Кубандыбы?!
ал күндү эстеп...

Өкүндүбү!.. жер кыртышы,
мендей кызы ар жыл сайын
Апкелбесе бир гүл десте...
Дөмпөйгөн бейиттер тынч,
гүл сеңселет,
чөп орулган аңызда
күзгү суук бир жел келет.
Ыйык жерим, киндик кан сага тамган...
жөрмөлөп...
жеп көрүп кесегиңди, жемишиңди,
жыгылсам сен көтөрүп,
боор тарттым.
Рахмат эркелете жүргөнүңө,
рахмат гүлдөрүңө бейиттеги.

6.

### иним Касымбекке

Жамгыр келди тегиз ороп телегейди,
ырын ырдап «шыбырт-дыбырт»...
...Ушинтип, кээде жаан жаачы эле го,
Кичи Ортокто көз ачырбай, бир жумадай.
— «Төлөк Жайчы
кара ташын сууга салып туруп алды,
Тапканыңар, ун же талкан бир кеседен...
баралычы. сураналы...»
Аксакалдын айтканы эсте көпчүлүккө.
(Ойлоп калгам, ал да биздей
шекер кошкон талкан жейби?
Кичине окшойт?..)
Жүдөшкөн отуну суу тоолуктарым,
ылайчылык, үйлөр көбү жер төлө эле...
Төлөк Жайчы жамгырды токтоттубу
«кара ташын суудан алып» эсимде жок.
Анан көчтүк бир чоң айыл
Чоң Ортоктун тескейине.
Жайлоо дешти.
Жемиштүү токой экен.

Чоң жаңактын түбүнө чөптөн кепе[1].
курду апам-атам экөө,
жапжашыл
чөп жыттанган.
Балалыгым кызгылтым түс — кино сымал
эске түшөт.
Сыртта жаан «шыбырт-дыбырт...»
...Атыр эже, чопо чоорду эстей берем,
жаан жааса жарга чуркап тең жарыша
чоңубузга кичинебиз,
шөлбүрөп суу чопо апкелип,
(эмнегедир жаанда гана)
Чоор жасап берчүү эже. Чоң кубаныч!
Апалар баарыбызды бирдей баккан,
бирдей көрүп.
Таруунун мычыкмасын чогуу жеген
иним менен бир топ бала,
баары, баары ойдо жүрөт.
Эки ташты жипке байлап,
тике тизип камыштарды
кыша соккон улууларга көзүм күйчүү...
чоңоё албай,
Чоңдор билген жумуштар кызыктырып...
Далай кар басса дагы,
жамгырлар жууган сайын өңү ачылып,
Балалыгым жүрүптүр.
Арашанга ээрчий келген.
...Жайчысы жок,
Бул ай жаанчыл туулду.
Жаанчы?!
Телегейди тегиз эзип, жети кабат
жер да чылгый... «Шыбырт-дыбырт...»
Болгондур эми!

X X X

### Жуманканга

Кайдагыны оюма салдың бүгүн,
Сен жолоочу: Ак-Буура агымындай.
Өмүр өттү маалында күргүштөгөн,
Бирде угулуп мукам үн бирде угулбай.
Басып суунун шарданы жазда кирген
Ылайкасы көрсөтпөй таштын түсүн

---

1. Кепе — чөп алачык.

(Желип жүрүп боздогон эне инген
агып кеткен ботосун издээри чын).
Өркөчтөгөн бир дайра тирүүлүк ал,
таштай, кумдай санаксыз түйшүгү бар.
Ала каптай артынган ай — күндөрдү
Кербен-тоолор сабырлуу сапар улайт.
Кайдагыны оюма салдың бүгүн
Жаштыгымдын бирге учкан каркырасы,
Өттү мезгил жамгырлуу жаз, жай менен
чагылганы күтүүсүз жаркырачуу.
Гүлү аңкыган кыяда балалык кез,
Ата-энелер жаш эле биз куррактуу:
Иштесе иш, ырдаса ыр жарашкан,
Мамыр-жумур ынтымак бир убакты...
Эске салдың, жан курбум бирин койбой,
Бирин койбой сен бүгүн эске салдың!
Жаштыгын калтырышып ата-энебиз,
Канаттуу булут сымал сапар кеткен.
Буурул буудан көбүртө ооздук чайнап,
Тизгин жыйбай мезгил — жел, учат өктөм.
Бүгүн баарын эскердик сыймык менен
Жаштыгымдын бирге учкан каркырасы.

## КАМЧЫБЕКТИН ЫРЫ

«Жыттаган билет гүл баркын,
Жылыган билет күн баркын.
Жүрөктү коюп жаралап
Каякка кеттиң, Гүлбарчын?»
ырдан.

Күндүн да баркын биз билдик,
Гүлдүн да баркын биз билдик.
Чыңалып күрөө тамырдай
Жашоонун доорун бир сүрдүк.

Жаркылдап күндөн үзүмдөй,
Жаңырган айдын жүзүндөй,
Жашоонун болуп туткасы
Уул таптың ошол күзүндө.

Кетпедик башка тарапка,
Жазбадың менсиз канат да.
Көөдөнгө сыйбайт махабат
Кадырга көңүл жараша.

Ал убак кудум бүгүндөй,
Аз өмүр өтөт билинбей.
Балдарга барктуу энесиң
Жарымсың ыйык сүйүүмдөй.

Жылыдык баалап күн баркын,
Аздектеп ар бир мүнөттү.
Жыттадык, билип гүл баркын
Көөдөнгө жаштык түнөтчүү.

## КУРМАНЖАН ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР

### 1. Махабат

Ар нерсе өз чениnде ченелген оң,
Аргымак чобур менен жарышканда,
От чачкан төрт туякта арман болгон,
Кумары канбай андай жарыштардан.

Саяпкер келишпесе, тулпар кайдан?..
Мүнүшкөр келишпесе шумкар кайдан?
Жигитке аргымагы төп келбесе,
Курманбек баатыр сындуу белде калган...

Баатырдын алган жары жарагындай,
Намыска даярдаган саяпкердей.
Узатып ат жалында сапарына
Ак сунуп ат жалында күтүп келген...

Кылымдар кыргызымды далай калчап,
Арыткан...
азап менен ашкан белден...
Бозомук турмуш түсү жайнай түштү ээ,
Курманжан Кулсейитти чанган кезден!

Тунуган ылайкалуу аккан дайра,
Сырттанга, элге оомат келген анда.
Махабат, кубатың ай!
Алымбектин —
насибин коштуң, наркту Курманжанга!

### 2.

Оош-кыйыш заман келди кылтылдаган,
Канжардын мизин баскан, жылтылдаган.
Кокондун, Ак паашанын эзүүсүнөн
Чымын жан күйүп турду арац-арац.

Бирөөгө керек болсо мал-мүлк талоо,
Бирөөгө, өз элин чаап атак алуу...
Заман ай, түмөн кыял, түмөн пейил —
пендең бар
нарксыз, нарктуу,
Асабалуу.

Отуз жыл хан ордосу, бек ордосу,
Жортуулу тоону, түздү аркалаган.
Азайып душманынан
адил досу
Алымбек каза тапты бейопаадан...

Беш уулу беш бел болуп энеси үчүн,
Курманжан тирек издеп элге келди.
Алымбек баштаган иш, элдин иши
Датка айым колуна алды, кепке көндү...

Аргымак тыным билбей жерди кезген, —
шамалдай,
алып келди Скобелди.
Түзүлдү чоң келишим орус-кыргыз,
Тынчтыкта, амандыкта сактаар элди...

Паашанын белектери манчыркатпай,
Элин да талоон, доомат, шорго салбай.
Алайдын каныша сы, сырттан аял —
Аскердик даража алды генералдай.

### 3. Шейит-Дөбө

Кош Терекке дар курушту желдеттер —
кайтарышат кыркалекей тизилген.
Жазгы селдей агылышып келет эл,
Камчыбекти дарга асчуу күн бүгүн бейм...

Ким бирөөгө бир окуя жөн эле,
Төрөсүнө ак паашанын бул кызмат.
Жолборс жүрөк каныкенин жүрөгү —
Чокко түшүп, куйкаланат, тызылдайт.

«— О калайык, сакта — десем — уулумду,
Түмөн элим кырчылдашып сел болоор.
Кыргын баштап куткарганча кулунумду
бел байлайын, элсиз жигит кем болоор», —

деп, Каныке жорголото ак бозун,
Тоодой ойдун ичиркенип суугунан

Келди шаарга,
Келди азалуу чоң кошун,
Акыркы ирет көрүү үчүн уулун ал!

Тең жарылып, шолоктогон кайран эл,
Курманжандын ишаарасын күткөндөй.
Төрөлөрдүн өчүп турду ындыны
Датка айымга тик кароого түт келбей.

— «О кулунум, Сенин тегиң кан болгон,
Ак иш үчүн шейит кеткен нечен эр...
Көтөр башты, Шейит өлүм мубарек,
Бабаң үчүн кезек сенде көтөрөр.

Эл сактаган эр жигитке ак өлүм,
Аргасыздан башымды ийдим, каралдым.
Кылкылдаган калың элиң кайышат,
Бейкүнөөсүң,
тагдырга тик карагын!» —

деди дагы, камчы басып ак бозго,
Кылчайбастан кетти Мады айлына.
Ак-Бууранын буркураган үнүнөн
башка угулбай дымып калды айлана!..

...Ошо күндөн, ушу күнгө урпактар,
Табериктей сактап сөзүн Эненин.
Шейит Дөбө атапты ал дөбөнү,
Сугарышып, бапестейт кош терегин.

Ак-Бууранын шары калды кайталап,
Курманжандын «шейит-шейит» дегенин.

4.

Замандар өткөн далай кылымдарда,
Күң болгон, токол болгон курбалдарың.
Уулдарың, уюткулуу эл ичинде,
Эл билип, элди ойлодуң Курманжаным.

Закымга учкан далай максат, тилек,
Турмуштун мыйзамы да катаал беле?!
Астырмак турсун дарга карап туруп,
Тикенек кирбесе дейт балага Эне!

Көз жашты жуттуң ичтен кан аралаш,
Сыртыңда кала бердиң сырттан бойдон.
Алайдын ханышасы — акылманым,
Элиңе оңой бекен тирек болгон.

Агартып саамайыңдын ар бир талын,
Аргымак басты эчен жазды, кышты.
Ак пааша бир ууч элди калчаганын
баамдадын,
Коломтондон ырыскы учту...
Май. 1991.

— * —

Эстелик белги дейбиз тарых үчүн,
Курманжан энебиздин маарекеси.
Куран окуп арбагына эскергендин
Эч качан боло койбос эрте-кечи.

Тамшанаар атагыңдай, сыймыгыңдай,
Ош калаам айкелиңе муктаж бүгүн.
Дооруңда сенден өткөн кыйын бардай,
Кылчактап жашап келдик ушул кылым...

Куждүлдөп бирөө көрөт тойдун камын,
Канча тай, согум керек союшка деп...
Бизге ойлоо туура келбес устуканын,
Абийирди тазартууга айкел керек.

Шаардын чок ортосуна тилек тилеп,
Эстелик орнотулса — кылсак таазим,
Таптаза, назик сезим айкөл, жүрөк,
Өзүңдөн кубат алып жүрүш лаазым.

## ИЮНДУН ОҢДОЛБОГОН ТОГУЗ ЫРЫ

### 1.

Күнү келсе бир эл, бир журт элебиз,
Бирок, минтип тил табышпай келебиз.
Кимдир бирөө көкүткөнсүйт арадан
Жерди-сууну менчиктейбиз бөлөбүз...

Ашты демдеп, нанды жапкан лепилдеп,
илбериңки жигиттериң, кыздарың.
Кыргызым да иштейт чындап декилдеп,
Малын багып, ырдайт оттуу ырларын.

Бапырандап кымызындай көбүргөн,
Кудай бизди кем кылбаптыр пейилден.
Далай жылдар аралаша бир жашап,
Түшүнбөймүн кастык кылсаң себин...

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49455

Бу кең дүйнө пейилиндей тарылып,
**Бөбөк ыйлап турбаса экен жабыгып.**
Миң кудайлап, кудайсыздай иш кылган
Илдетиңден кете албадың арылып...

Кайдагы бир сокур сезим күүлөгөн,
«Мейли» десек мээге чыкты бийлеген.
Момун элмин, ижаралуу кодулап
Өз жеримде келгиндердей күн көрөм...

Котур таштуу «молдолорду» дос дедик,
Бир кудайсыз «кожолорду» дос дедик.
Кулата чаап, ачык айтса өз адам,
Арачыга түшүп турду «дос» келип.

Калды минтип көбү бизди теңсинбей,
Келгенди эле «төргө өткүн» деп желпинмей.
**Урууларга бөлүнүшүү жагынан**
Биз келебиз эч бир элди жеткирбей.

Биз өзүбүз «кыйын болуп кеткиче»,
Ойдогудай бийлеп алды башкалар.
Эңсеп келген максаттарга жеткиче
Түшкө кирбес башка жорук башталаар!

Ырдаганга чогуу барып ырдашып,
**Тишин жалган кашкайтканга сырды ачып,**
Бабалардын кан-жанына жуурулган
Ыйык жерге зарсың суудай бир кашык.

Эртеңкисин ойлобогон оболу,
О ыркы жок, кыргызым ай, кыргызым,
Шагың сынып, түшпөсө экен жылдызың.

**2.**

Күүлдөгөн канатында замандын,
Бир төрөнү бөпөлөдүк, сыйладык.
Пайдаланды ишеничин адамдын,
Эл тагдырын ойлободу кыйналып.

Намыс жайы, арка болор эртеңи,
Алмашылды акчалууга, буюмга.
Жарым кылым артта калган эл чени,
азайбастан «өстү» артка кылымга.

Ыйык элдин асабасын көтөргөн,
далай жигит тартып келди кысымды.

Капчыгында канча миңдик пара жок,
Кресолор чөнтөктүүгө утулду.

Ал шапар тээп сайрандаса иштедик,
«Планды эртең давай».—десе, иштедик.
Ит кепеде жашап иттей тиштенип,
«Катын-бала өлбөс, кокуй иш»,— дедик

Ата-энени алпештечүү төрдөн жок,
Же «кепеңе» алты тууган келген жок.
Кабат үйдөн келгиндердей бөлмөң жок,
Учётуң жок, уруң туруп элден жок.

Тирүү туруп калк сыяктуу саның жок,
Короон турмак, салып койгон тамың жок.
Намысыңдан дүүлдөйсүң калайык,
а кудайсыз «төрөбайдан» дайын жок.

«Пулу күйгөн, калемпирди чайнашып»,
Пулдар достор бийлик ээрде, май, басып...
Кудуреттүү Эр Манастын тукумун
сындырабы?! «качкын» кылып айдатып...

«Төрөбайдын» жыргалы үчүн калайык,
Үйдөн-жайдан, жерден калар сүрүлүп
Кесепети калк шоруна жаралып
Күнгө жеттик кара жандан түңүлүш...

Байлык барда калбай тамчы ыйманы,
Пара улуту, пара болуп тууганы
Сатылды өзү, сатты ыйык элинди...
Кан төгүлдү, канча эне ыйлады.

«Жарым кез жер алып көрсүн, кыргыз» —
деп,
«Тоолуктарды тоолоруна кууйбуз» — деп,
Жалаңдатып бешилигин, бычагын.
Атып, өрттөп өз көчөңө жүргүзбөйт...

Эл көкүтүп акчабайлар семирди,
Сырттан кирип «төр меники» — делинди.
Чыдай, чыдай колдон намыс алдырып
Ызага ууккан кантип сактайм, Элимди?!

Бир башыңа качан болсо бир өлүм,
Жанын аяп бөжүрөгөн эме жок.
Жалаа тартып, жан кечтиден кемсинген
Биздн эртең кечире албайт келечек!

## 3.

Кубалашкан күндөр өтөт куюндай,
Мезгил сенин бузат жаштык сыныңды.
Аргымактын дүбүртү да угулбай,
Өткөрөбүз уктап жатып кылымды.

Чымын үнү угулбастан түн кирип,
Мемиреген бейпилдикте таң атчуу.
Жадыраган ынтымакты билдирип,
Кинолордон тааныганбыз жаракты...

Самолёттун сиңгениндей закымга,
Сыйкор кездин изи калды билинбей.
Танка каттайт,
жоокер курал асынган
Согуш шартын көрдү уулдар үйүндө...

Жүз жылдыктар алыс калып ийинден,
Жаңырыгы шуулдайт тээ алыска.
Жаш кылымга кабар жетпес сүйүнгөн
Жан кечтилер
ыйман тепсеп салышса.

Дүлөй жашоо өмүроолоп сүрүлдү,
Гүл турмушка көп акаарат кылынды.
Келуң менен айдагандай чымынды
Уйку-соодо өткөрөбүз кылымды.

Тополоңдо баш көргөндү көз көрбөй,
Сабыр түтөйт
жандыргандай чылымды.

## 4.

Аргасыздан шаарга алынып келинген,
Аргымактар сагынышат тоолорун.
Ай туягы батат, асфальт ээриген,
Бутун аяп шилтейт ага боору ооруп.

Эл кошундун жеңилдетип кызматын,
Калайыкка кадимкидей болот бел.
Жал-куйругун минген түйүп койду да,
Көздөн учкан тоо жыттанып келет жел.

Аг башына түшүп турат каран күн,
Аргасыздан ооздукчан суу ичет.
Пейил-гөйү бузулган кез адамдын,
Айбанчалык кеп түшүнбөй жүрүшөт.

«Жаман тура, шаарды каптап кетсе» —
деп,
Пилдей көрүп кыргызымдын аттарын
Адалдыктан жамандыкты эп көрөт,
Корголошот угуп калса таскагын.

Аргасыздан шаарга алынып келинген,
Аргымактар асфальтты аяп басышат,
А бирөөлөр барып түрдүү пастыкка
Чечиндирип...
сабап... тонoп, качышат...

Көздөрүнөн жаш куюлуп жаныбар
Адамзатка аттын да ичи ачышат.
Эр башына түшкөн күндү тең көрүп
Достук шертин миң ырастап жатышат.

Тоо тараптан тоо жыттанган келет жел!
Күлүктөрдүн сагынычын кандырчуу.

**5.**

Түштөрүмдө тегеректи чулгаган,
Аппак, аппак кар көрөм.
түндөр сайын жылчыксыз
Каптайт аппак, аппак кар.
Тоолор жактан зыркыраткан жиликти
Жүрүп турат суук шамал.

Кардай таза дүйнө жүзү агарган,
бир да дагы билинбей,
Жер бетинде төгүлгөн кан,
Кара күйүк тактары
Ак шейшепти жапкандай
кызыл ала кескиленген денеге...
А суук шамал
азасындай азаптуу
Өмүр бою чогуу жүрчүү Энеде.

Таң.
Кыйналып ойгоном,
Кулагымда чыңырыгы эненин
кала берет жаңырган.
Бу күндөрдүн окуясы бейбапаа
Суук шамалдай өтүп турат
далындан.

Өкүрүгү кансыраган дененин,

Автоматтын чуулдаган огу да
Магниттей өчпөйт, мээде жазылган...

Аппак, актай,
актай күн
куштарындай өмүрдүн
учуп өтөт бир бирден.
Бөксөрөмүн улам кептерканадай...
А куштардын жапыс,
бийик кайкышып,
Өз өзүнчө учканына карабай...
Бересемден кутула албай
бу кезге
Олтурамын оюну аз баладай.

Эңсеп кетем жаңы жааган ак карды,
Түштөрүмдө күндө кирген
шамалдуу.
Аппак, аппак, аппак Күн —
Куштарымды учурамын
бараандуу.
«Жаман айтпай, жакшы жок,
О куттуу эл!» — кеби угулат
бабамдын.
Июнь, 90, Ош калаа...
Токтосо экен шамал — күн,
үшүн албай адамдын.

**6. Тилек.**

Теңсиздиктер өкүм сүргөн калаамда,
Ээн баш, зөөкүр көчө ээлеген заманда
Жаан нөшөрлөп, таң агарды чайыттай,
Жаңы таңда тынчтык тилейм адамга.

Куту качып, ыйык шаарым бозоргон,
Бир бейкүнөө токмок жеген баладай,
Бейкуттугу бейжайларга тоnолгон,
Ырыс чачып турганына карабай.

Бейгам баскан улуу-кичүү көрүнбөй,
Барик күүлгөн муздак күздүн өңүндөй
тынчы кетип кумурска да ийнинде
Бак бозоргон селкинчеги тебилбей.

Түйшүк түштү дирилдеген жылдызга,
Чоң-кичине элге, мендей бир кызга.
Өлөрманга, жүзү жокко кеп жукпай,
Куту качты бир кеми бар турмушта...

Жаандай жууган жетпей турат мамиле,
Жетпей турат жадыраган ишенич.
Ынтымактан ырыс конмок элиме,
Биримдиктен бүтө бермек бүтөр иш.

Ушул таңда ишенч кенен кадамда,
Ыйман, абийир бергин түркөй,
тажаалга.
Жакшылыктан жышаана бер ыйык таң,
Тынчтык зарыл, үйгө, жолго,
кадамга.

### 7. Түн сүрөтү

Боз кыроодой айдын муздак жарыгы,
жерди каптап,
бийлеп жүрөт шок шамал.
Көк Теңирдин шыңгыр үнү жаңырып
Угулгансыйт кулагыңа таптаза.
Айлуу түнгө сиңип кеткен ың-жыңсыз
Адамдардын кобур-собур үндөрү.
Сырдуу тоолор алп уйкуда кыймылсыз.
Тентек булак токтото албай күлгөнүн —
жылаң аяк айыл көздөй жүгүрөт.
жалбырагын араң кармап саргайган
Карт дарактар сүйлөнүшөт күбүрөп
Күз жакындап калганына арналган —
көлөкөмдү
сезим ээрчийт чөгүңкү.
Кургак чырпык сынганынан чочуган
бу муздак түн
айранга окшойт төгүлчүү.
Табияттын куру калган отунан —
демин тартпай бир ирмемге түнкү ава,
Кулагыңа Асман үнү угулган.
Чукуранып өйгонгондой жаш бала
Сан жылдыздар куйүп турат жымыңдай
жерге мээлеп, жебедей суук жарыгын.
Дарактардын көлөңкөсү тарбаят
ак чачылып, куйган кесе жарылып
Жаткан өңдүү шашма киши жер таяп —

араң эле кыбыр этет бутагы.
Ай төгүлдү,
аалам муздак боз кыроо,
Көк Теңирдин үнү угулат ызалуу
Суук мамиле
сай-сөөгүнө жетти го...
Пейли кетип, ыркты бузду пендеси,
Пас, кара нээт ойду ороду селдеси...
Ай муздады, жылдыз дагы аяздай
Тазартчы таң, ааламда жок теңдеши.

## 8. Буудан жөнүндө ыр

Дүүлдөгөн жашоо айлана,
Пенде аттуунун толгон түйшүгү.
Бир мамыга буудан байлана
Эстейт туйлап кечээ күнкүнү...

Куйрук-жалы желге таралбай,
Жаш куюлуп көздөн маралдай
Эркиндигин көрөт түшүндө
Жан көксөгөн тоого бара албай.

Үзүлгөн жок жем-чөп акырдан,
Карагансыйт момун ат багар.
Бетегени эңсейт асыл жан
Көздөн учат бийик аскалар.

Суунун шары, шамал ырлары,
Тең жарышпайт учкан кезиндей.
Чогуу узатып, күтүп турнаны
Үйүрүнүн жүрбөйт четинде.

Буудан турат мамыны айлана,
А ат багар кашыйт жай гана.

## 9. Такат кыл

Турмуш деген сулуулардай муз сезим,
Өзү сүйбөй, сүйдүргөнгө жараган.
Каниет деп, курсак тоюп өтсө күн,
Жашай бербейт сезими бар ар адам.

Самсаалаган булуттардай чөгүңкү,
Караңгылык катуу басат ийинден.
Кээде оомат селкинчектей тебилчүү
Убак-убак кабар алат үйүңдөн.

Достор кетип, катар улам суюлган,
Канталатып көздөрүндөй жүрөктү.
Кемип-толуп тура берет бу дүйнөн,
Кышка айланат ачык көңүл күнөстүү.

Бу тирүүлүк жалаң гана идеал,
Адамзаада көңүлүндө коздогон
Өзүн алдап, өзгөнү да ишентип,
Акындар да өтөт сезим козгогон.

Мейманкана ар ким келип өзүнчө,
Кабылдаган бул аманат жарыкты.
Кээде татаал, кээде таттуу сезилсе,
Сарасептүү жазат токтоо тарыхчы.

Жолдор узак, кыбыраган ашат кыр,
Кыжыл болбой акылга сал,
такат кыл.
Кара сөзгө сыйбай кыргыз түйшүгү
Бүт тирлигин ырга салып жашаптыр.
Бийикте өскөн, бийик,
айкөл элим ай,
Азасын да ырга айлантып жашаптыр!

## ТҮМӨКЕГЕ КОШ АЙТУУ

Т. Байзаковго

Таамай сөздүн пири элеңиз Түмөке,
Немис огун акыретке сактаган.
«Менден чыкса бул коргошун ажалдуу
Коога салат, кыйын»—деп «жөн
жатмагы...»

Кесепети тийбес үчүн башкага,
Уу азабын тарта жашап элүү жыл.
Кайран жанды канча кыйнап жатса да
Жеңип келип элүү ирет өлүмдү

Кайран акын, акыретке акыры
Коргошунду ала кетүү үчүн да —
Кеттиңизби?!
Алмаздай сөз баатыры
Ансыз да биз көп бөксөргөн учурда...

Барпы жатка сайрап күн-түн ырдады,
Барпы өлбөдү
Сиз бар үчүн — ыр жаны.

Кынапталып ат көтөргүс сөз куну
Сөөгү агарды, көзү ачылды,

жыргады.

Курч сөз,
курч тил кыйын кезде жол тапкан,
Калкка чындык,
мурч аралаш сөз жаккан.
Аңыз кылып «Айтты эле» — деп «Түмөкем»
Кечеден соң, Сиздин сөздү жатташкан
Коштошо албай турат элиң армандуу.
Жулуп кетти арабыздан акыры
Немис огу жарым кылым касташкан.

**16-апрель, 1992-жыл.**

## БАДАЛДАР

Жулкулдатып шамал жинди кыйнабай,
ийилүүдөн бутак-шагы ыйлабай
Чапкылабай жалбырактын жаагына
Майда бадал жыргайт паста жайма-жай.

Аны коргоп жашайт тиги жаңактар
Көктү тирейт болбогондо көк бороон.
Күн нуру аны биринчи өбөт аймалап,
учтарынан асманга аз-аз жетпеген.

Жерге да көрк, жемиши да жемиштей
Саябаны караан көзгө толумдуу.
Тамырлары чырмалышкан кылымдар
бадал үчүн бузулбас чеп сонун бул.

Жамгыр жааса эң биринчи шорголоп,
Жаңактардын ийнинен суу куюлат.
бадал ага кичирейип, корголоп,
жаандан кийин пайнабына жуунат.

Ич күйдүлүү жашап келет бадалдар,
коңур ташты коюндаган адамдай.
Жалбырагы желаргыга эбирейт
Жаңак жайын түрдүү-түмөн жамандай.
Ал мөмөлөп көккө жаят кулачын
тигилерге бөлбөй көңүл карандай...

## АВТОБУСТА БОЗ БАЛДАР

Балапан ооз, сары түк
мурутунун ордуна.

Божураган боз балдар,
автобуста бир келет.
Төштөрүндө ордендер
Оюнчуктай тагылган
Ыраазыбы —
Ооган эл?!

Далайга шам жагылган...
Дене боюм дүркүрөп,
Ок жааганын эскерем
Кызыл жаян кан төккөн
Уулду көздөн өткөрөм.
(Он жыл бою сыналгы
Ооганды айтпай өтпөгөн...)

Калай табыт бул жылдар,
Кан какшатты адамды.
Мөгдөп эне ыйлаган
Кайтпаганга каралды...
Кара кагаз беймаалда
какты
Куттуу эшикти...
Эртең болчуу тоюна
Далай жигит кечикти.
Майып болду канча жан,
Бир жең калды бош бойдон.
Бир бут кийим кийилбей...
Чырактай көз жок болгон!!!
Сыңар аяк, сыңар көз,
Балдакчан бул боз балдар
Оюнчуктай көп орден
Тагып келди Оогандан.

Бирок, орден көз болбойт!
Толтурбайт кем мүчөсүн.
(Кошунаңа күн түшсө,
арачыга түшөсүң...)
Алты таяк,
чиркин ай,

Жан сыздатат.
Түтөсүң!
Гимнастерка,
чылк орден
Автобуста боз балдар...

## КОНОК КЕЛДИ ЫР КӨТӨРГӨН БИР КУРЖУН

*У. Мамытовго*

Конок келди ыр көтөргөн бир куржун,
Адаттагы мейманыман башкача.
Ырларында жашоо сыры дүр-дүйүм,
Пейили да ыр сабындай таптаза.

От чатырап жылыткандай ырайды,
Сөз кудурет ырацыма чыгарды.
Жаркылдаган маанай толуп үйүмө,
Түндүгүмдү күзгү үмүткө сугарды.

Ыр-кудурет керeметин жараткан,
Чамгарактай телегейге тараткан, —
Чебер сөздөр тирүүлүктүн шааниси
Сыпаттады терип-тепчип канатчан.

Ырга айланды адам, сүйүү, айлана,
Ырга айланды куму, ташы, дайра да.
Шамал, жамгыр, кудуреттүү ай-жылдыз—
Ырга айланды! Кечир булбул, сайраба.

Дүйнө огун ээлеп турат коңур үн,
Таамай-таамай ыр окуган жай гана.
Конок келди ыр көтөрүп бир куржун
Ыкшоо курбу уккун,
Жатча жардаба!

## КАР

Адыр, тоого аппак жаңы кар жаады,
Таңсык кылган улуу-кичүү, баланы,
Газарып жер, акыр-чикир көрүнбөй,
Айлана бүт болду кагаз өңүндөй.
Дарак, таш да өзүнчө бир үлпүлдөйт
Ак шайыга оронгон жаш келиндей.

Бир түс кылып, эч нерседен калбай өң,
Теңдеп койду бу керемет табиат.
Асфальт менен чыйыр жолдун сыны бир,
ак тунике... камыш жапкан үйү бир.
Алма-алча айрымасыз талдардан,
Кыр көрсөтпөйт
кумга таш да ташмын деп,
Сукут салат аалам бейкут тынчтыкта.
Телегейге тегиз аппак кар түштү.

## КЫЗ КУРАК

Жүрөктүн табы жылыткан,
Жаштыктын жанган чырагы,
Кыздарбыз толгон ай сымал
Өмүрдүн гүлгүн бурагы.
Жанаша жүрсөк жарашат,
Жигиттин көркү, ырайы.

Мандалак гүлдөн айрыгыс,
Күлкүбүз тоонун булагы.
Эрке жел менен жарышкан
Карлыгач куштай кыялы.
Жашоонун ачкан ажарын
Бой жеткен кыздын курагы.

Сымбаты бойго жарашкан,
Сукганчуу элдин уланы.
Туйланткан жаштык куландай
Жоогазын жыттуу убагы.
Жигиттин тагдыр шериги,
Кыз бала үйдүн чырагы.

## Д Е Ш Е Т

«Тогуз жолу тоголонсо,
адал болот аккан суу» — элден.

Токой дешет. Тоолук дешет,
Күз дешет,
Тигини көр, татынакай кыз, — дешет.
А деп, бу деп, «ачып көздү жумганча»,
Кыз да кетет.
Кыроо түшөт. Күз кетет.

Жашыл делет, жаңы ачылган гүл делет,
Күчүктөгөн тал чыбыгы бүрдөмөк...
Тогуз жолу тоголонуп адал суу,
Гүлгө жетпей соолуйт,
мундуу күү желет.

Жакшы сөздөн, «койчу аны» сөз шыр кетет,
Башайылуу бейиш толгон түр кетет.
Бу наашүкүр пенде адамдай болгуча,
Бел бүкчүйүп, карегинен нур кетет.

Көзү өткөндү түп көтөрө узатып,
Кайрат айтат «пендечилик бул» — дешип...
Тагдырыма тан берип, кол
куушурбай,
Жарым күндү жашайлычы гүлдөтүп.

## БАЙБИЧЕ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Өткүрлүктүн оту жанып көзүндө,
Бир башкача булчундары түйүлгөн.
Жаштык өзү тапка келген тулпардай,
Кызый-кызый кыйла алыска жүгүргөн.

Жер катаалы, Эр катаалы барабар,
Түбөлүктүү болбогондой эч нерсе.
Жер да эрдей назик гүлүн тагынаар,
Миң кулпура кымкап кийип кез келсе.

Эр жигиттин эр экенин билдирээр,
Эл алдында өтөп коёр кызматы.
Жакшы жубай жайдын толук кезиндей,
Экөө бирге жердин ачаар сымбатын.

Ээ, байбиче, жаштык колдон колго өткөн,
Таңшыган күү канча заман кыдырган.
Түбөлүктүү Эр Манасы, Чүрөгү
Жаңы үйлөнүп, ак боз үйүн курдурган.

Алсыз күчкө ийилгендей замана,
Өз бийлигин өзгөртүүсүз жүргүзөт.
Жер мээрими — элим тойгон токчулук.
Эр мээрими — уулга күлүк мингизет.

Өткүрлүктүн ишке ашылат мыйзамы,
Атам заман ырдап келген ырдагы.

## ӨКҮМ СҮРӨТ ДЕҢИЗ — ЫР

Азыр эмне, дүйнө жыйган бокчо көп,
Анын табы элге саман чокчо жок.
Биз адамбыз, барга, жокко кайылбыз
Элге сендей аруу, адил дос керек.

Бала кыял, кыраам оюн билбеген,
Ыйласа ыйлап, бирок жалган күлбөгөн.

Туура баалап нйгилигин касынын
Бийлиги үчүн бөйпөлөндөп жүрбөгөн.

Байлык үчүн арамдыкка барбаган,
Ийгилигин мактанып жар салбаган.
Тилиң катпай сайрай берчи булбул—ыр
Бүт өмүрүн ыр—деңизге арнаган.

Ылай сууну куюп чабал атаандаш,
Көп азапка салды кудай каргаган.
Биз чыйралып аны сайын ырдадык,
Чыдамыма, чыдамыңа таң калам.

Билесиң го, дүйнө жыйган бокчо[1] көп...
Анын табы күйгөн саман чокчо жок.
Бокчо орогон түркүн-түмөн дүнүйө
Дүкөн чирик бейпайда эле жок болот.

Өкүм сүрөт тирүүлүктө деңиз — ыр
Сайра булбул, тилиң катпай аман жүр!

## ЭЛЕС

Кыш түспөл кар бапырайт май айында,
бөлмө суз, күүгүм толгон аянычтуу.
Жылаң бут жыла баскан курбу кыздай
Күтүүсүз келди азыр алгач сүйүү.

Чатышкан чачтарымдай шамал бузуп,
Ой бүгүн издейт жообун жоготуунун.
Жарыктай күзгү менен көз чагылткан
Нур кирди, жарык боло түштү күүгүм.

Мажүрүм тал сыяктуу майда өрүм чач,
суу кардан жер кучактап жеген запкы.
Алгачкы сүйүү анда тартынчаак, жаш
Мант берип, көз чагылтып кайра качты...

Бу жарык жаркылдаган кызыл ырац
жигиттин көздөрүнүн шооласындай...
Бир назик сезим менен эстейм улам,
Бир өмүр ал күтүүсүз келет тынбай...

---

1 бокчо — жакшылык, жамандык үчүн керети тиеби деп мата буюм сактаган байбичелердин таңылчагы.

Жылаң бут жыла баскан курбу кыздай,
Бөлмөдө бир жашадык...

Арашан. Май.

## СҮРӨТ

### 1. Каакымдар

Бөлтөйгөн кызгылт түйүн алма бакта,
Туушарга чыккан көк чөп, каакым гүлдөр...
Тазалык кирсиз көкмөк асман сымал
булут жок ийне учуна илип алаар.

Наристе жаздын толгон курагында
Куш сайрайт, айланада жашыл кымкап.
Каакымдар үркөр жылдыз, жетигендин
шиберге конгонундай гүлгө суусап.

Же көктүн жер сулууга чагылуусу,
Күндүз бул, түнү анда жылтылдаган.
Күн сулуу коногодо, бүттү уусу...
жылмайса мээримге гүл жаркылдаган.

Жылдызда суусун канат гүлдөсө бак,
Жамынат жөө туманды жашыл көктөм.
Тынч укта,
бул эртеңки айтылчу чак.

### 2. Түн

Ай сулуу жалгыз каалгып толукшуган.
Нур чачып ажарлантат терезени
ойготпой өбөт кызды уйкусунан
жигитке барат бузуп эрежени...

Кыз түшү: түн көзөгөн шоола сымал
жигиттин эрининдей даамданат...
А жигит үйгө кирген нур табынан
ысылап ак шейшебин тээп салат.

Бактылуу ушул түндөн, керилип жай
Ай сулуу уясына кетет кайра...
Жайылып түн этеги, таң сөгүлөт.
агарып күн чачылып, агат дайра.

Эми укук торгой менен булбулдарда.

### 3. К ү ү

Булбул танда жаңы күүнү баштады,
кубулжута түркүн ширин тил менен.
Эл магдырап, жер магдырап ченемсиз
Ырдады гүл ырын бир жан билбеген.

Торгой коштойт, бекем достук шертине,
Көктүн таза алкымына мең болуп.
Кызыл-жашыл кош этеги серпиле
аалам бийлейт бешигинде термелип.

Бүгүн булбул баштады бир жаңы күү,
Сүйүү — бакыт, сүйүү — азап, жаңылуу.
Күн желеси гүл жайнатат булбулга
Экөө бирдей коoздосун деп жазымды.

Булбул бүтпөй күүгө салып гүл жайын,
Канча кылым сайрайт тили катканча.
Ал назданып соолуйт, гүлдөйт жай сайын
Күү өмүрү жетет бүрүн чачканча...

Маани жайын экөө гана түшүнгөн,
Далай мукам күүлөр чогуу сайралат,
Жарсыз булбул боз чымчыкка айланат...
Дүйүм гүлүн ачат бүгүн алма бак.

### 4. Т а ң

Таң наристе,
ыңаалап ойгонду да,
Күүнү эмди көздөрүн жылтыратып.
Карады бир жадырап айланага,
боортоктоду,
жөрмөлөдү,
Кетти басып!

Чуркады чымын-куюн анан кийин,
жеткирбей Күн сулууга.

X X X

Бул короо, күткөн жандар
бейтааныш,
бейтааныш жигит дагы
түшөмүн такси сызат
андан ары.
Адаштым,
мен адаштым!

бул үйгө келүү менин
жок эле оюмда да.
Жаңылыш бул короодо,
жаңылыш чыны кармап,
даам таттым.
Адашып калдым
кокус
мен барчу үйдөн,
ооба,
Жол алган сапарымдан...
Эңсеген тойго жетпей
Ийинден басат өкүнч.
Оюмдан самоо кетпей
болдум бейтынч.
Утулуп бир оюндан
калгандай каражатсыз
демөөрдүн шаасы сууган,
Үңкүйүп сапар улайт...

Талыган буттар чыдайт.

X X X

**Самык Баслейге**

Шамал—максат безип жаны жай албас,
Күйүү, кыйроо, мертинүүдөн аянбас.
**Ыйык сүйүүм ал ансайын бийиктеп,**
Чагылгандар ширеңкесин жага албас.

Ак деңизде маралдардын жарышы,
Куланөөк таң,
кулан оюң туйлаган.
Эч сезилбей аралыктын алысы
Сенин үнүң жетип турат ырдаган.

Курч табиат кызматымда арыбай,
Жашыл **өмүр**
кызыл көйнөк гүл терип.
Биздин ырдан жоошуй түшкөн дарыя
Тоодой толкуп
көктү чапчыйт күнчөлүк.

Деңиз агат
баш-аягы белгисиз,
Биздин лайнер ак шумкардай көкөлөйт.
Бир боз булут төгөт жаанын көнөктөп,
Малма-чөлмө бороон баарын көтөрөт!

Бир кылымдык ак мөңгүдөн дайын жок,
Май көл, Сүт көл боз тайлактын көзүндөй.
Айыл кезсе жети баштуу айың геп,
Кир жугузбайт булбул ыйык сезимден.

Тирүүлүктүн салтанаттуу сайраны, —
Жер бетинде жамыраган каакым гүл.
Ичимен тап Океандын арманы
Оодарылса каптап кетээр жерди бир.

Ыйык сүйүүм аалам кезип аман жүр!

## БОЗ ТОРГОЮМ

Боз торгоюм текебердүү,
Күтүп жүрдүң зор бактыңды.
Ал башкага кете берди,
Ак сүйүүңдү алмаштырды.

Алмаштырды жүз аарчыдай,
Бирөө белек берип койгон.
Сен күтөсүң ага чыдай,
Чыгара албай, эстен-ойдон.

Ырдай берип ырчы торгой,
көрсөтпөдүң көздүн жашын.
Чар тарабың күүгө тойбой,
Укту канып чын сырдашың.

Сыбызгыган күүнүн муңу,
Жалгыздыкка шерик эле.
Акыбетсиз алгач сүйүү
Тура берди кемип эле...

Кенедей жан мынча ырга,
Кайдан алдың музыканы.
Таңдан кечке боздоп турба,
Бул жалгандан унут аны!

Жүрөктү эзген арман ырын,
Унуталы,
Унуталы!

## АЙЫКТЫРЧЫ, УБАКЫТ

«...Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок...»

Курманбек дастанынан.

Оо, убакыт, дарыгерим!
Айыктырып сакта жанды.
Бул жашоодо мен билгеним,
Айрылуудан арман калды.

Ай өткөнүн, күн өткөнүн,
Алып койбой көңүлүнө.
Жоогазындуу ал көктөмүм
Түйшүк берди өмүрүмө.

Көз алдымда күнү бүгүн
Бир жылуу дем, жылуу эрин...
Айнектей көз оттой жанган,
Шыбыраган оттуу мээрим.

Тогуз миң күн эзип-жанчып,
Тогуз миң түн жүрөк тилди.
Чейрек кылым санаам самсып,
Ага жетпей кур мертинди.

Айыктырбай жылдар — дайра,
Жан ооруткан жараатымды.
Мезгил — дабаа болбой кайра
Күчүркөнтүп саласыңбы?!

Оо, убакыт, сактап калчы,
Сагынычтан, азабыман.
Кыл учунда тиштеп жанды,
Сүйүүм үчүн жашап турам!

## Ш А А Н И

Ыйлайт жүрөк
жашыл майса бак аралап жүргөндө.
Ыйлайт жүрөк
суусуз соолуп башын ийген гүлдөргө.
Бакта алмалар бүчүр жарса
тирүүлүктүн шааниси...
Дүйнө кезет ой токтобой

бир ирмемге, бир жерге...
Жүрөк ыйлайт өткөндү ойлоп
жөлөнсө ак кайынга,
Эстейт сени
таң тосушкан ошол бакта, жанында.
Жүрөк чыдайт канталаган
эзет таш боор эскерүү,
Алып келип чалдыбарлуу
арман деген айылга...
Топ ойногон жоогазындуу дөбө турат
өзүңсүз,
Канча гүлдөр төгүп бүрүн,
өтүп кеткен далай күз...
Кайталанган топ оюну
эчен ирет биз жокто
Кайталаган күн күтүүнү далай ирет
улан-кыз.
Чыйыр менен чогуу басып,
таң аркылуу наристе,
Көбү азыр эр ортону
бир бийикке келишти...
Чакмак алган тагдыр— бакыт
өзгөрбөгөн кыялы...
Ыйлайт жүрөк
дарак көрсө бербей калган жемишти!
Эстөө үчүн бар экенсиң,
бар экенмин маани ушу,
Жанга баткан кусалык да
тирүүлүктүн шааниси!..

— * —

Сүйүү дарак өрттөй өстү көкөлөп,
Гүлдөй азыр соолуп барам ысыктан.
Тамчы сууга зар болгондой кум чөлдө
Мен өзүңдүн караанына заарыккам.

Ысыгыма солк этпесең убарам,
Куйүп бүтөт кирпик ирмем бул учур.
Жылдар менин саамайымды сылаган
Күмүш тарам ажарымды ача тур.

Жалбырттаган кең асмандын койнунда,
болбосо эгер өрт жайынан кабарың.
Бир убалым кетээр сенин мойнуңда,
Мааниси жок, кыйын болоор абалым.

Беймаал куурайт акпаса ага бир булак,
Кийин жалын өчөт — куулөт жалбырак.
Изи калбай кайрылгыс от эссиз бул,
күйүп бүтөт барик — күндөр жан кыйнап.

Ташка айланаар муздап кийин журөк да,
Курган калаар көңүл-дайра ташыбай.
Жоготуудан урап түшүп бир аска,
Көктөгү күн түтөт чыдап, жашыбай.

Өрттөй өскөн сүйүү дарак көкөлөп,
Мен алсырап соолуп барам ысыктан.
Сезбей койсоң түйшүгүмдү өтө көп,
Денедеги жүрбөй калаар кашык кан.

## МААНАЙ ЫРЫ

Алаксытып бир бош көңүлдү,
Анда-санда чалып телефон,
Өзгөнү ойлоп, укпай сөзүңдү
Өмүрдү алдап бекер коротом.

Сенде деле жанган алоо жок,
Сагынычың жанды кыйнабайт.
Ырас болмок чогуу коросок...
Ындын өчүп, сезим ыйлабай...

Жан кейитип бошдук үмүтсүз,
Жарык калбай азга карманаар.
Кыял аксайт учкул кулүксүз,
Кусалыкка кандай арга бар?!

Жазгы жааган өткүн сыяктуу
Ишенч өтөт ирмем жарытып.
Сүйүү бийик учкан бир аккуу
Арман, өксүк жашайт жарышып.

Сурап алган карыз махабат,
Бөтөн кийим кийген ийиндей —
Көп катары эптеп жашамак
Эскерүү бар көңүл сүйүнбөй...

Маңызы жок өтөт майрам күн,
Өзүң эңсеп, өзгө алдаган.
Бекер —

Кайран өмүр,

Кайран күн —

Идеалын бийик кармаган!

Чарчадым ов, таш боор күтүүдөн,
Сага ырахмат, көздөр жайнаган —
Сагынычтын жагып отторун!!

## КАБАР

«Зыкымсыз, эркелетпес кенен-кесир,
Кармаган бир чек менен аралыкта.
Күйдүрбөс болушунча жалын-өрттү,
Сезимди ыйык туткан тазалыкта.

Сизге мен түшүнбөймүн, карагым ай,
Кээ бирде казагымдын сары талаасы,
Кээ бирде бышыкчылык, кызыл буудай
Өткүрсүз кесип айткан уул балача.

Кээ бирде Балхаш көлү сыяктанып,
Толосуз толкун жетээр тогуз балга.
Мен билген сизден ыйык периште жок,
Назиксиз, окшоп кудум мажрүм талга.

Чиркейдин үзүлгөн бир мурутуна,
Жүрөктү канталатып, аза күтүп,
Жел тийсе гүл бариги ооруксунат,
Тартасыз дудуктарча анда сукут.

Жашайсыз башкача бир мыйзам менен,
Кабылдап бүтмөй болду көңүл дартым.
Мен сизди суук көздөн сактап келем,
Жаралуу ыр периси, карлыгачым.

Бу кабар жете барсын ширин балдай,
Суусунга жарап берсин, катса таңдай.
Сүйүүнү Сизге ченеп түшүнөмүн,
Мен Сиз деп боздоп келем кара нардай»

Деген бир катың келди кечээ мага,
Көзүмдөн акты жашым салаа-салаа.
Мен эми сени качан көрө аламын,
Мен эми жеталамын качан сага?

## ЭСКЕРҮҮ

«Жылдыз толгон» дешет көбүнчө,
Бүгүн андай боло койбостур.

Ыр окулат мундуу өзүнчө
Көп сырдана мага жолдош бул.

Бака чардап күткөн жамгырды,
Алакандай сагынч — айыл бар.
Ай толгондо күтүп ал ырды
Акыбеттүү адам сагынаар...

Ишеничтин жиби ыдырап,
Мөндүр болот көктөн үзүлгөн.
Булак эски сырды шыбырап,
Эскерүүнү каалайт бүгүндөн.

А эскерүү кышкы шамалдай,
Чыйрыктырат дарттуу сезимди.
Жылдыз көктөн жылчык таба албай,
Узатууга даяр бу түндү...

Акыбетсиз бу түн айга да,
Акталбады нурдуу тилеги.
Көөдөй түндөн онтойт айлана
Таң ата гөр!
Чыкчы Күн эми!

X X X

Тумардай элдин ыйыгы,
Көрүнбөйт көлдүн кыйыры.
Баягы тааныш толкундар,
Кайталап угат ырымды.

Кондуруп чардак сыяктуу
Бир далай жерге алпарып
Сырдана достой этиет
Жеткирет жээкке кайтарып.

Кумдар да өбөт бутумдан,
Жазалбай эски сагынчын.
Өзүңө жетпей утулам
Өмүрдө бардай таарынчым.

Тузундай деңиз суусунун
Денеме кургап, агарып
Өзүңдүк ойдун уусунан
Айыкпай койдум тазарып,

Шыпырган толкун көбүгүн
Чачымды уйпап шамал да

Эсепсиз өптү өңүмөн
Кызганып сендей адамга.

Ак кайың жалгыз,
жалбырак
жебирейт сырын, арманын.
Жамгырды күткөн жазгы убак,
Жашырбайт какшып калганын...

Кайык да эки калактуу
Өзүнчө салган чыйырын.
Бетинде көлдүн бутүн жок,
Бүт кыйма-чийме чийилүү.

Айлуу түн, күндүз баары бир
Көрүнбөйт көлдүн кыйыры.
Баягы тааныш кумдуу жээк,
Өзүңсүз угат ырымды.

X X X

Тамак даяр, ичип кайра кум кечүү,
Бет, калкалап, ак денелер күн кечүү...
Кызыл-ала күйүп сандар, далылар,
Жан жыргата сактай берет күндө суу...
Бу жыланачдаар денелерге кум чыдайт,
Көрө берип жедеп бүткөн күн чыдайт.
Сооруларды, көкүрөктү жастанып
Шамал тынчсыз жүрүп турат зыркырап...
Толкун ичте бугу толгон, түрүнүп,
Жээкти чапчып кетип турат сүрүлүп.
Буута айланып... ак көйнөгүн байкабай —
айрып ыйлайт, учтуу тоого илинип...
Тоого кайдан бу сандардай көл кечүү —
Буута айланса, көлдүн жашын көлдөтүү
Жаш-карыны теңеп койгон кумдуу жээк...
Уялгандан бөксөрүүдө көлдө суу.
Жыланачтар «эс алуучу» бир элден
Кумдай чуурган убакытты чачпаган,
Алар чыны чалгы, кетмен чаппаган,
Же эзилип кой, уюнду бакпаган.
«Келе-келе, эмнеге жок?!» деп көнүп,
Жылуу-жумшак төрдү селдей каптаган.
Жумушчуга, мээнеткечке күйбөгөн,
Талап кыла же үйрөтө сүйлөгөн.
«Билермандар», көлөкөдөн чыкпаган
Жашайт мында иштермандык түр менен.
Күн кызытат, бүт жандууга барабар,

Көл да тегиз эркелетет койнунда.
Терге эзилип иштейт, аял, абалар
сугат, чабык, жемиш жыйнап
ойдунда...
Тамак даяр, ичип кайра кум кечүү...
Көлдө кызыйт «келгиндердин» базары.

X X X

Бир жума көзү ачылбай,
Нөшөрлөп жамгыр басылбай.
Көл жатат бугу ичинде
Толкун тоо, аска ташындай.

Лена эже, Сагын агай да
Кезеги менен күүлөнүп,
Кете албай жүрөт Нарынга
Тапканын кийип, түрлөнүп.

Тайлактай жүнү түлөгөн,
Булуттар көктө каалгыды.
Үрпөйүп тооктой жүдөгөн
Кетишти элдин баардыгы.

Сумсайган жээкти бойлодук,
Тазагүл, Лена, Сагындар.
Азиза ээлейт бөлмөсүн,
Нази кыз үйүн сагынган.

Кудайым буйруп, жол берсе,
Кайрылып далай келээрбиз.
Кучактап кумун, көлдү да
Ырыскы чачса, теребиз.
Кетели биз да, кайыр-кош
Жар болсун оомат-төрөбүз.

— * —

Сен деле көптүн бири сыяктанып,
Сүйлөйсүң өөдүк-сөөдүк,
Басасың салабаттуу,
карайсың жымындатып
бүтүгүй көздөрүңдү.
Бүт баары жубан-кыздын
Энчиңе тийүү керек,
Эч сөз жок сүйүү керек
Өөп койсоң, кармаласаң...
Түгөнөт сүйүү демек!..
Түгөнөт урмат дагы...
Башталат башка алаксуу,

Кызыгы тарай берет
жаңылардын...
Өмүрдө кезигүүлөр абдан арбын!
Сага анча кымбат эмес,
Намысы сүйгөн жандын,
Ток сымал уруп турат!
Көз ирмем убакытта
Айрылуу көөкөрчөсү
толтура карматылат!
Жүрөк саат жебесиндей,
Тынымсыз кагат, кагат!
Шырыктай боюң дагы
Кез келген сапарында
Сулуулар — циферблат!
Ар ирмем көздөн учкан
Бул пери оюндагы!
О чиркин!
Бейбапаалык!
Жазгырат азыткыдай.
Өзүң да азыткыдай
Арбаган өз олжосун
Сезилдиң аянычтуу
Жүрөгүм ооруп турат!
Алгандын бермеги бар,
Кезектин келмеги бар.
Бейбапаа жүрөк дагы
Жараксыз болуп чыгаар...
Анда да марттык керек!
Көк муздуу аренада,
Өзүндү аяп турам.
Аялдын жаны пилдей.
Баарына жүрөк көнөт!..
Жүрөктү парчалаган,
Убалсыз бейбапаалык,
Ожалып барат улам!
Көк муздуу аренада...
Ожалып барат улам!

X X X

Курч сөз учуп ортодо, көздөр жайнап,
**Туткундады бир-бирин найза кирпик.**
Макулдуксуз экөөнү сезим байлап
Чагылганын чарт жагып турду күтүп.
Сөз оюну башталды эригүүдөн. . .
Сапардагы белгисиз аялдама.

Көңүл оту кокустук кезигүүдөн
даярдыксыз коогалы салды ;ага.

Бу кумарлуу каректер оттой жанган,
Бу дүйнөгө келгендей өрттөө үчүн.
Бу алакан табынан ээрийт арман,
Бу кең көөдөн кыялды ээлейт бүтүн.

Тагдыр — көктөм теребел жашылданат,
Каректерге көктөгү жылдыз тамат.
Анан болот бактылуу кыял сүрүп,
Жылаңаяк жүгүрүү таңга карап.

X X X

Көзүңдөн өчүр дедиң
жалынымды
сен үчүн жалбырттаган.
(Токтотуу болбогондой назик ырды)
Сүрөттү кайтарып бер дедиң жана.
Унута алаар бекен
көңүл мерген?

Мейли, ал сүрөтүңдү кайтарайын...
Сааттарды жолугууга араң түткөн,
сагынычка жуурулушкан...
Жаштыкты шам сыяктуу күйүп бүткөн —
кумарлуу карек менен
эриндерде,
чып-чыргасыз кайтаруу мүмкүн эмес!
Жулуп алып
сезимден,
өңдөн, түштөн.

Сүрөтүңдү
кан тамырга тарап кеткен,
бириндеп,
тынчтык бербес
жүрөгүмө
эстетмейин ал өзүн,
Табышуудай
көкөлөтүп, жоготуудай
өксөткөн
Сууруп берүү кайра өзүңө оңой эмес!
Көзүңдөн өчүр дедиң
жалынынды...

X X X

Ойлодуңбу?
жыйырма жыл жетет деп,
Унутууга башкалардын бириндей.
Кумдуу чөлдө
аргымактын туягы
Казып кеткен из сыяктуу билинбей.

Ойлодуңбу?
барып бүбү-бакшыга
айлантат деп аялдарча башыңды.
(айрылуудан чырагыма май тамып,
Жазып келдим ушул жылдар күтүүнү).

Ойлодуңбу?
бороон — жашоо аёосуз
Жүдөтөт деп
чачтарымдай уйпалап.
Жерге бекем байланбаса тамырым
Куурап кетмек
ал сыноодон
мен тарап.

Ойлодуңбу?
көлдөтөт деп көз жашын,
Арман мага эң сырдана жан курбу.
Мындай кезде аалам назик-кымбатым,
Ырын уктум кумурсканын,
булбулду...

Ойлодуңбу?
биздин өмүр куюндай,
Жолугушпай өз-өзүнчө бүтөрүн...
Алеп-желеп сары ооз кездин туйгусу
Унутулат деп ишендиңби, ушул күн?!

Бүтүн баарын дуу көтөргөн алп шамал!
Алптыгынан аянбасым өзүмдөй.
Жер бетине чаң жугузбай сактап ал —
Жыйырма жыл
наристе өттү сезилбей.

Ойлоптурсуң,
жыйырма жыл жетет деп,
Унтулууга, калаарыңа билинбей.

Эсте жүргөн, эсте жүргөн ар убак.

X X X

Сезбедиң деп жан күйдүрүп ыйлабайм,
Тек гана бар сага каалоо, тилегим.
Калсын менде күтө берүү кыйнаган,
Кусалыктан сайгылашсын жүрөгүм.

Түнү тургун терезсемде жарык нур,
Бүт өмүрүм айлап-жылдап өткөнчө.
Махабатым, өчпөс отту жагып тур
Мен өчөйүп, сен басаңдап өчкөнчө.

Кеп бар бизде: «ач кадырын тюк билбейт...»
Сүйүп калгын сен бирөөнү менчилеп.
**Азабына уйку көрбөй, тынч албай**
Калбыр болсун жалбаргандан эт жүрөк.

Ысытмадай чабалактап жана көр,
Чылым кылып үмүттү улам жага көр.
Кайрымсыз, — деп жетпей ага ызалуу
Бороон тыткан кайыгында кала бер...

Бийиктетсин мени сезим — кудайым,
Шок шамалдын жолун кесип, туудай чач.
Сүйүүнү эңсеп, ага чаңкап турайын,
Сен аны сүй деңиз болуп тамчы жаш.

Үшкүрүгүң айдасын бир жел кайык,
Ышкы күчү дубанадай сүйлөтүп,
Мен өзүңө куштар болсом канчалык,
Сен өзгөчө кумар менен сүйүү күт!

X X X

Келээр бекен мен издеген ал адам?!.
Келээр бекен
күйүп бүтө электе...
Каркырадай кайтпай калган уяга,
Турмуш аттуу тынчсыз келме-кезекте...

Келээр бекен келишкенде ооматым,
Же азаптуу ишим жүрбөй калганда.
Жазда кайтчуу жалгыз турна сыяктуу —
Унутулган бейпил күндө балдарга.

Келээр бекен,
Өкүнбөймүн келбесе,
**Өкүнбөймүн жоктугуна эрке жан.**
Заар—кусалык мага кубат бербесе,

Мен сүйүүнүн Пир—Кудайын унутам!
Унутаармын аны жана өзүмдү —
Аны ойлогон,
Ал ойлобос эч убак.
Чыңчыргасыз жараланган сезимге
Кубат берет кутман жердин күн чубак.

## А Р А Л Ы К

**Болотко**

Дуулдаган бороондун да азабы,
Алай-дүлөй бурганактын түйшүгү
Буураканда толкун деми жаңшады —
Ал келгенче
Ак көбүгүн бүркүдү.

Нөшөр төгүп, көк ызалуу көнөктөп,
Суулар кирди, жээкке сыйбай айбаттуу.
Шамал сырдуу андан кабар берет тек,
Кайдан алды
Күтүү мындай кайратты?!

Чыңалуунун эң чегинде күн ысып,
Бүт тирүүлүк тикесинен турду тик!
А кемелер жоолукканда толкундар —
жоошуп бороон,
калган эле ыр бүтүп...

Калган эле суулар дагы жай агып,
Баары ордуна келип, жаны жай алып.
Эми угулбайт боздогону тайлактын,
Эми болбойт
Минор күүгө жаралыш!

## К Е Ч И Г Ү Ү

Өттү жаз гүлдөгөн,
Өзүңсүз жай гана.
Жолугуп сүрдөгөн,
көрбөдү өңүңдү,
укпады үнүңдү —
Сагынды айлана.

Жай толуп жыргалга,
Күүлөргө ырларга
Жанымда сен болбой,
Жан кыйнап турганда

Жетпеди кабарың
Сактачуу бир арга.

Чогуу гүл жыттабай,
Чогуу таң күтпөдүк
Саргайды санаадай
Жемиштүү күз келип,
Кечиктиң, санадым —
жалбырак түшкөнүн,
Сен эми келдиңби?

Каректер жайнаган,
Жолуңа телмирди,
Мен жеткен бийикте
Өзүңсүз майрамдар,
Өзүңсүз түн кирди.
Чарчадым күтүүдөн,
Кечигип келдиңби?

Мен жеткен бийикте
Гүл алып турбадың.
Ааламды жаңырта
Сени издеп ырдадым.
Адаштык өмүрдө
Армандуу курбалым,
Сен эми келдиңби?

X X X

Сүйүүнү элестетип
кандайдыр бир
Дүйнөнү ыкый-быкый
бийик-жапыс,
Калтырып аралыгын көз жаздымда
Арыштап Сүйүү деген
Аренага
Келесиң!

Булуттун чагылгандуу
башталат кагылышы.
Эсепсиз кубат менен
Көк күркүрөйт.
Чагылган
кайдан-жайдан чыга калып!
Көнөктөп төгөт жамгыр,
чөп дүркүрөйт!

Сүйүүнүн пири дагы, Ханышасы
Ааламды бир ирмемге жууп тазартып,
торкого оройт чымкый.
Махабат мен байкабас тарабыман
Күтүүсүз пайда болот
чырак алып!

Күтүүсүз оттой учуп,
Изин да өрттөп салып,
Кумарга канат чексиз!
Кааласа азга жагып —
көпкө жагып,
От кармап ойнойт
Шексиз!

Дүйнөнүн майда-барат быкыйлары
көз жаздымда...
Түгөнүшөт!
Күнүмдүк жумуш дагы
Ташвиши көр оокаттын
торко ичинде...
Булуттар кагылышы —
Чагылган ох!
...Анан биз тарашабыз
Шамал болуп!
Кармаган от!

## КЕСИНДИЛЕР

Кесиндилер
биздин жашоо
курагындай балыштын дал келбеген
түстөрү бир-бирине,
кызыл-жашыл, ак-кара.
Коштошкону жолуккан
кесиндилер!

Азаматсың кең арыштуу
чечилбеген табышмак...
мени менен жана да турган түндүк
уюлда,
Кыйынчылык ажырашуу
Адамзатым.

Кумурскадай
бут алдында калып кетүү кеп эмес!

Кактай кармап Күн — Сүйүүгө
Жерге, өзүңө жеткирбей
көкөлөттүң өзүмдү
жан аябай.

Жолугушуу
Алаканда!
Күн табынан өрттөнүп!
Туташтырбайт
кесиндини
жик билгизбей уз—турмуш!
Сен бийикте, мен алыс
Ажырашуу!..

Сен кыйырсыз
мейкиндиксиң,
Мен бүркүттүн түнөгү.
Бул жашоонун көркү бизде
курагындай апамдын.
Жолугуп коштошууга
**Жарык күйөлү!**
Кесиндилер!
Кесинди!

## АКЫРКЫ КЕЧ

Акыркы кеч, салтанаттын аягы,
Көңүлдүүбүз,
көңүлүбүз аялуу.
Керек эмес айрылуунун сөздөрү,

Керек эмес көз жаш, күтүү баяны.
Убадалар аткарылбас,
айтылган...
Убакыттын кысат ар бир кадамы.

Койчу күздү, сары санаадай жабышкан,
Жылдызыбыз жанып ырас табышкан.
Акыркы кеч туу чокусу майрамдын
Ич тызылдайт бизге тааныш ыр уксаң.
Куштар күздө жылуу жакка кетишээр
Бактар эңсейт
күүгө көнүп калышкан...

Жолдор башка, башка болот курбулар,
Кыялыңда окшоштуруп көнөсүң.
Жалгыз койбой кечтер сайын жанымда
Кубанчымды, кайгымды тең бөлөсүң.
Аянбастан жараландык.
Унутулбас.
Ый аралаш күлөбүз, сен келесиң.

Жүрөк сыздап, буулуп демиң чыкпаган,
Атыңды айтып кыйкырсам да укпаган,
Түштөрүңдө аралашып күн ара,
Күндөр келет атымды айтып уктаган.
Дил ооруңдан айыктырып: сактачу
Арга канча,
турмушуңа суктанам!

Акыркы кеч, көңүлүбүз аялуу,
Мезгил үстөм, аё билбес кыстаган.

## СЫРДАШУУ

Москвада Тверь бульварында
акындын эстелиги
менен сүйлөшүү

Пушкин, сени көкөлөгөн асманга
Айланчыктайт көгүчкөндөр,
аймайт жел.
Кар себелеп кылым жайын санаган
Көп билгенин ичте сактайт,
агат эл...
Лира пири,
канат жайдың бийикке
учуп-конуп, көңүл сурайт көгүчкөн.
Бут койгучка жараганы үчүн бул
текебердүү
мрамор таш келишкен.
Чынжыр коргон
келбестиктей кебелбей
төрт тарабың,
чыргадандар күлүңдөйт!
Онегиним ырларымды арнаган
Бүгүнгөчө не ойлоору билинбейт.
Мен сабыркап, келем сага кеч сайын,
Бир жан укпас болот бизде сырдашуу.
Эрке кыздай жомогуңду укмайын

кежирленчүү келбей таттуу уйкусу...
Басып жүрөм аяз чымчып сезимди,
А куранттар түнкү саатты кагышат,
Жомоктордо кыздар табат сүйгөнүн.
Менде миң бир күтүү чарчап эзилди,
Татьяна тарабымын дүйнөнүн.

Айлан-көчөк орундуктар — көгүчкөн,
ойлонушат,
жорголошот кээде шат...
Людмила сымак кыздар неликтен,
Ушу жерден жарын күтөт чыдамсыз?
Онегиним келбей али чечимге
Өзөктөгү дартым ырбайт,
чыдайм суз.
...Төрт тарабың чынжыр коргон,
чырагдан,
Аянтында адам деген дарыя,
Бирде толуп, бирде сээлдейт
бөскөрөт.
Сүйүү, күтүү,
айрылуунун деңизи —
Сен ансайын учуудасың көкөлөп...
Петр — айкөл пьедестал көтөргөн...
Сулуу,
Сүйүү
жаштыгындай туруксуз!
Чектедиби?! Николайдын
оор чынжыр!
Жакшылыктын символундай шам чырак,—
туруктуу дос — ырлар берди сага өмүр.
Кыш чыкыроон
Келем сага кеч сайын
Оо, сырдана Океаным—Пушкиним,
Мени да издеп жүргөн чыгаар Онегин.
декабрь, 1982.

— * * * —

Сүйүп калчы,
Жек көрүүдөй кадимки
кубат менен!
Керек мага,
Тизе бүгүп турганың.
Сүйүп калчы,
дубанадай, туралбаган тиленбей.

Бир өмүргө азык болсун,
жүрөк тилип, канталатсын түгөнбөй!

Сүйүп калчы,
Жүрөгүндүн,
болсо эгер ден соолугу «чыңыраак».
Жарым жолдо жыгылбасын,
Сүрдөп бети чымырап!

Сүйүп калчы,
Кызганч менен чечкиндүү
Керек мага!
Мен чыгарган чечим бу!
Кызуу кан студенттей —
башка болбос байлыгы.
Гүлзар кезип, сүйүүгө мас.
Рахаттан жай түнү.

Сүйүп калчы,
айныбас сугатчыдай.
Орой бир.
Кепке нонок
Арнап мага бербес гүл.
Зарыл мага
Туталануу,
Тартып сүйүү азабын.
Мен сүйүүсүз кедейленип жашадым!
. . . . . . .

Сүйүп калчы!
Жек көрүүдөй кадимки!..

— * * * —

Айрылуудан жүрөгүм чарчап анда,
Күтүп — өмүр келет жай канат талган.
Өтүнөмүн кыйнаба, сүйүп калба
Тиш оорудай сыздатып эзет арман.

Баңги сымал өзүнчө айыкпаган,
Балакет бу өмүрдө сүйүп калган.
Дабасы жок, жетпесе дубанадай —
бардаш берүү,
узак жол
буттар талган...

Заар ичкендей сүйүүнүн даамы ачуу,
таттуулугу чынында
ширин жандан.

(жандын кимге кереги, сезим болбой,
Жан жан эмес сезимден куру калган).

Эс тандырган сүйүүдөн коркуп калгам.
Махабатсыз ак-кара дүйнөң жалган.
Эчен баатыр, акылман, паашаны ийген
Сүйүү дартын чанда адам көтөрө алган.

Өтүнөмүн көз нурун тутандырып,
сүйүп калба, Сүйүп калба!

— * * * —

Түшүнөсүңбү?
Кымкуут ойлорум
Сен жакта жүрөт, сен жакта.
Түнү же күнү эркиңе койбой
Күзөтүп тынчсыз кызматта.
Шашылуу керек
жолугуу үчүн
Түшүмдө болсо да мейли!
Талабы тездик—чагылган бүтүм,
Мажнун күтөт бу Лайли.
Бир жолу көрүү тартуулайт
сүйүү
Эстөө да кыйын өңүңдү.
Бир белги бербей
не мынча эздиң.
Чыгарбай күтөм демимди.
Түшүнөсүңбү?
ойлорум кымкуут,
жай албайт жаным,
жай албайт.
Августтун жааны,
калды да тың сууп,
Махабат салкын...
Аярлайт.
Шашылуу керек
Муздатпай демди,
Жаан төгөт, тынбайт,
Аянбайт!

— * * * —

Бул калаанын бир көчөсү эсте жок,
А сүйгөнүм көз алдыма тартылат.
От жайнаган көздөрү,
Тамылжыган өңү да,
алаканы күйүп турчуу кармаса.

Шыбырычы, көз боочудай байлагай,
Жалбарганы, от кучагы эсимде.
Ошол гана
күнү-түнү бир жүргөн,
Ошол гана
күнү-түнү узаткан,
Күткөн кайра гүл алып,
Тырмагымдын учуна че жактыра,
Табылган жан бактыма.

Чоң калаанын гүрү-гүүсү сезилбейт,
Чогуу баскан жолдор эсте калбаптыр,
Туям жылуу илебин,
кулагымда шыбыры.
Эсимде жок бир көчөнүн аты да,
Кайрадан биз чогуу жүрүп келебиз,
Кайрадан ал өбөт,
балдай эрини...
Кайрадан ал тыным албай жалбарат.

Кайгыбыздын, кубанчыбыздын арасы,
Жылуу илеп жеткенче,
А күтүүдөн сүйүнүчкө
колду сунган убактай,
жетүү үчүн кусалыктан бактыга,
Чуркап келем
жасоол мезгил шаштырып,

жетүү үчүн сагынычтан бактыга
Учам, учам бу аманат жанымды
Бир кудайга тапшырып.
а кайрадан
алакан от күйдүрүп,
Кайрадан ал унуттура дүйнөнү
Көздөрүнөн жалын чачып,
Жалбарат.
Кайрадан ал өбөт,
балдай эрини
Араң-араң ээрип бүтпөй жан калат.

Деп элестеп, чейрек кылым
аны эстейм,
Чейрек кылым ага жетпейт
ырларым.

## ДЕҢИЗ — СҮЙҮҮ

Бийиктик...
Булут кечүү.
Багытым деңиз тарап
Жолдобуз булут кечип...
Деңизди көрүү таңсык,
Жармашкан терезеге
жигитти жеңден тартып
Сураймын:
— Кана? Кандай?
— Өзүңүз көрүң аны —
Сөз таппайт андан артык —
— Оо, Ана! — дешти көбү.
Карадым терезеден
Көрүнөт уч-кыйырсыз.
Көгүлтүр түпсүз деңиз.
Бүт баары деңиз, деңиз —
нерсе жок андан башка.
Айлана баары деңиз
Жүгүрөт толкун—кашка.
Сүйүү бар дешти мага
Сураймын: кандай деги?
Көргөнмүн кинолордон,
Сүйүүбү китептеги?
Дешти анда курбуларым —
Шашылба кезигесиң,
**Билесиң анан өзүң.**
— Сүйүүнү жолуктурдум
Сапарда кезектеги.
Автобустан!!!
Ысыкта, кысталышта
Жөөлөшүп араң чыккам...
**Бул сүйүү мага чексиз**
Бийиктик болуп кетти.
Айланам, жолум, үйүм
Сүйүүгө
Жылчыксыз толуп кетти!
Мелтиреп уч-кыйырсыз,
Көрүнбөйт эч бир нерсе.
Жоготуп койдум чекти.
Бүт баары сүйүү, сүйүү
О, досум,
деңиз да мында кеппи.
Ал мени бийлеп алды

Калтырбайт жалгыз азга,
түнбү же эрте — кечте.
Бүт баары СҮЙҮҮ — ДЕҢИЗ!
Бүт баары ДЕҢИЗ — СҮЙҮҮ!
Жоготуп койдум чекти.

X X X

Жаздын жашыл гүл бакчасын,
Жамгыр жууду көнөктөп,
Сууну бойлой басып жүрдүм,
Экөөбүздү элестеп.

Өттү өткүн адатынча
бүгүн төгүп солуктай.
Булут калды асманымда
Бир байлам ак жоолуктай.

Ак-Бууранын шары күчөп,
Агат тынбай делөөрүп.
Демине-дем кошкон жамгыр
Келет үмүт өңөрүп.

Жуурулушуп бир башкача,
Оттой ыссык сагынган,
табияттын эки жаны
Гүлгө айланды жалындай.

Көнөктөгөн жамгырына,
Күрпүлдөгөн суусуна
Кыялыбыз окшош, бирок, —
Жетпей калдык умсуна.

Жамгыр төгүп, суу киргенде
Өрөөн толчуу бир күүгө
Мезгилдерде дем бересиң
Жашоом үчүн жан биргем.

Дайра бойлоп басып жүргөм,
Экөөбүздү элестеп.
Жамгыр — дайра кайрылбас кез,
Кыялдангым келет тек.
Күрпүлдөгөн дайрам менин
Сен да мени элестет!

X X X

Сезимде уйгу — туйгу
Кыйналды ойлорум да,
Маанайым улутунду,

шалдайган колдоруман,
Жасалбай үй жумушу
кыйлага чүнчүп турдум,
эстебей жылмаюмду,
эстебей күүсүн ырдып,
Көзүмдөн кетпей өзү,
Кыйнады ойдогу жан...

Ойдогум өмүр бою
өйүгөн жүрөгүмдү,
Күндөргө чогуу өчпөй
көгөрткөн тилегимди.
Кечеде, салтанатта
төп сындуу телегейим
Дымагым көөдөндөгү
Эби жок келегейим,
Айрылбай же табышпай
Зар какшап жүрөмүнбү?

Жүрөмбү, Күкүк—Зейнеп,
жекенин тагдырында?
Жетеби, чыдам-сагынч
Түйшүктүү зор кылымга?
Жетеби, уу — махабат
жанымды алсыраткан?
Бал сындуу көөнгө тийип,
канжардай кансыраткан.
Түтөбү кара жаным
жогуңа,
Бардыгыңа!?

Барыңа барпаңдабай
жогуңа кайдыгермин,
Жаздарда күткөм далай,
чыкыроон күзгө келдим!
Ээлediң — гүлбагымда
сайратпай булбул — зарды.
Уга элек арманымды
саргайган барик барбы?
Теңирден бак сурасам,
Кыйырсыз сүйүү берди.

Сүйүүнү ким ойлоптур,
бактылуу болсом деген,
Арманды, кусалыкты
ченемсиз берген эгем,
Марттыкты Океандай
койнума толтуруптур

Болбосо жарым кылым
Менчилеп ким күйүптүр?!
Сагырдын таманындай
жанчылган жүрөк менен
издеп келем!

Издедим бакытымды
өзүмчүл ойдогу жан,
Сен мага баардыгымсың,
эңсеткен асылзаадам!
Аны айтып айтпадым не!

— * * * —

**Нуржанга**

Кездешүүбү?
Сагынычпы? Кимиси?!
Көөдөнүмдө кысылган да, сыйбаган.
Чапкан аттай кан тамырдын дүбүртү
Мара алыста төрт аягы туйлаган...

Ак максатым, аздектеген тилегим,
Жүрүп келет ат жалында ойногон
Көңүл бөксө сайгылашат жүрөгүм
Жолугушуу кумарына тойбогон.

Ырларымды жатка окуган улан-кыз,
Дос, тууганым эстейт айтор аялуу.
Жаркылдаймын сырттан
ыза—ичим туз,
Касым күйөт, карай албай табалуу.

Койнум толо гүл кучактайм кечеден,
Суктанышат, — «жыргап жүрөт,
бактылуу...»
Жол азабы...
Түн тынчыман кечемин...
Колдон чыгып кетпес үчүн
Бакты бу!

Сагынычпы, сабыркатат арман ыр,
Боз чымчыктай кара жандын
тынчы жок.
Тоо кучактап тоскондой чоң
дайраны,
Кубат кайда жалын өчүп кызыл чок.

Жаркылдаймын сыртымдан сыр билгизбей,
Нур жаадырып карегимден кусалуу.
Чапкан аттай кан тамырдын дүбүртү

Тынчтык бербейт «Жүр,
каркырам учалы!..»
Жол азабы өтөөр-кетээр, антсе да
Жолугушуу көөдөнүмдү кысабы?!

— * * * —

О, кеч күз, ызгаар — шамалың
Жалбырак күүдү жамгырдай.
Шатырап жааган дарагым,
Жүрөктү эздиң калбырдай.

Эчен күз болгон күбөдөр
Күткөнүм эми кайрылбас,
Кемирип жанды түгөтөөр
Келегей арман — айрылбас.

Айрылбас сезим ызакор
Сүйүүдөн өксүп-кемиген.
Дарактай барксиз-жылаңач
Үмүттү багам эми мен.

Ташыркап өчкөн түгөнүп,
Аргам жок багам үмүттү.
Жапжашыл күндөр түбөлүк
Жалбырак болуп күйүштү.

О, кеч күз — темир датындай
булактын көзүн кандадың.
Өрүкзар өртү басылган,
Чычала калды тарбайып.

О, кеч күз! Ызгаар — шамалың
Жалбырак күүдү—жамгырдай...

— * —

Көп мезгил өтсө өтөөр шуулдаган,
Бейбапаа, аябаган, кыйылбаган —
Экөөбүз эчен ирет чогуу олтуруп
Ылайык сөз табылбас кыйын заман —

Өткөнү өкүнүчтүү — барктуу мезгил,
Жадырап өмүр жазың толгон кез бир —
Үн катпас зылдай тынчтык — эстеликтей
токтотуп тургансыйт ов, алтын кезди.

Жолугуу — сабыр шамдай күйүп бүткөн,
Саргайып өңдөр азган — чыдам түткөн.
Ичиңе сыйбай калган жалынч сөздөр
Каректен, ырайыңдан төгүлүшкөн —

жылуулук кудуреттүү мээрим күчү
Жетелеп жарым кылым экөөбүздү
Чечендик четте калып — жолугушуу
дудугу, дүлөйүндөй өтөбүзбү?!

Достордун арасында шайыр мурчтуу —
сөздөрдү күлкү коштой бийик учуу.
Унчукпас дартман болдук, тартынчаагым,
Мезгил — өрт мокотподу сүйүүбүздү.

Ортодо кучак жеткис далай ай, жыл,
Күбөсү кечигүүмүн, сүйгөн жардын
Башымда багым нурлуу махабатым,
Жалынсың сезимдеги
Барсың!
Бармын!

## АРМАН

Кулундар байланбаган желеде арман,
Уул сүйүп, кыз бакпаган энеде арман.
Койкойгон кекиликтей кош мамактуу
Ууз сүттөй жигит көрбөс денеде арман.

Зар болгон чертилүүгө комузда арман,
Аргендей ырдалбаган добушта арман.
Теңирим кем кылбаган коздугун,
Капаста канат жайбас тоуста арман,

Дат басып кызыл кандай, мокоп мизи
Кынынан суурулбаган кылычта арман.
Терилбей көк мантыга карып кеткен
Адырды бербей өскөн чырычта арман.

Шамалдын айдоосуна моюн сунуп,
Жаай албай көчүп өткөн булутта арман.
Эзилбей сый тамакка, май калкыбай
баштыкта унут калган курутта арман.

Махабат лаззатына жетинбеген
Жаны бар, оту алсыз жигитте арман.
Тапталып чабандеси келишпесе
Байгеге чабылбаган күлүктө арман.

## СОҢКУ БИЙ

Жалбырактар жааны бүтпөгөн,
Көчөлөрдүн баары сары кар.

Көңүл чөгөт, ыза ичтеги
батпай тулайт
тайдай жаныбар.

Тайрандаган эркин сезим жок,
Толукшуган жайкы мезгилдей.
Күйгөн барик түтөйт, көңүл чок
Дарак ыйлайт көйнөгү эскирген —

жулмаланып желге тытылып,
Сары өңүндөй боздоп кошогу
Муздак шамал эми шыпырып,
Күл дөбөгө баарын кошобу?!.

Бак жыйноочу аны жагабы?
Өз жаштыгын өрттөп тургандай.
Жашыл кездин барксыз тарабы
Көркөмдөлөөр эми ар кандай...

Ичиркентип күздүн ызгаарын
Жалбырактын жааны — сары кар.
Бир муңайым ырдап ырларын,
Соңку бийин бийлейт жаныбар.

## СЕНТЯБРЬ: ЫР КҮНДӨЛҮК

**түрмөк**

**1.**

Бул сенин жашыруун аралың,
**Өзүңдүн демиңе толтура.**
Көңүлүм каалаган адамым
Отуңа жылынып олтурам.

Көзүңдүн нурлары сагынган,
**Өпкүлөп чыгууда чолоосуз.**
Өзүңө эң тааныш жанымдан
Мээримди толо суз, толо суз.

Куштардын угулбай үндөрү,
Жылчыксыз ээлеген сезимди.
Унутуп сырттагы дүйнөнү
Суктана караймын өзүңдү.

Эркелеп кеңдиктин төрүндө,
Ажайып дүйнөгө учамын...
**Алыстап кетпечи көрүнбөй,**
Ар ирмем көрүүгө кусамын!

**25. 09. 90-ж.**

## 2.

Гүл көтөрүп, тамылжып сен келесиң ов,
Кубанычтан канат байлап, тосуп чыгам.
Айрый албай, сенин жытың, гүлдүн жытын,
Бир башкача толкундапып араң турам.

Гүлдөр жакшы, гүлдөй жайнап күлгөн
жакшы,
Гүлдөй назик эркелеше жүргөн жакшы,
Күндөр өтсө, унутулса чеки болор
Күлкү терип, гүл аралап жүргөн чакты.

Калат дечи таттуу түштөй шыбыр кебиң,—
кулагымда миң бир ирет кайталанган.
Алдастатаар эске түшкөн таттуу эрин,
Коштой жүрөр ыйык таңдай эңсөө анан...

Келди мезгил жан барынча күтчүү гүлдү,
Эрк, чыдамым аркандалды ошол ойго.
Тилек тилеп утурлаймын жаңы күндү
«Тирүүлүктүн энчисинен куру койбо!»

Гүл көтөрүп, тамылжып келесиң ов,
Кубанычтан канат байлап тосуп чыгам.

26. 09. 90-ж.

## 3.

Айтканда оюмдун туурасын,
Эрдигиң өзүңө жарашып...
Дүйнөнү терметип турасың,
Кубаттуу колуңа каратып.

Колуңдун табына табынган,
Алсыздын келиптир ооматы.
Миң жолу теңирге жалынган
Угулган окшойт ыр — Одасы.

Бийлигиң кармады тикелеп,
Унутулуп жанды эзген издөө ыр.
Алмашып жибекке чыт көйнөк,
Тирүүлүк ажайып болуптур.

Уланып үзүлгөн үмүт да,
Конуптур тууруна бакыт куш.
Турпатың ыр экен!
Ырыс да!
Ырдасың, аянба, куюлуш!

Толуктайт жашоону кубатың,
Эрдикке ким таазим кылбаган?!
Сүйүүнүн чебиндей турасың...
Өтөт ээ, ушундай бир заман...

Кайрымсыз эшикти какпасын,
Айрылуу жарааттай сыздаган.
Дүйнөнү терметип турасың,
Жел сылап өтсө да кызганам.

Өтөт ээ, ушундай бир заман!!!

27. 09. 90-жыл.

**4.**

Алма жыттуу асылкечим,
Алмадайым, алма багым.
Бүт денемди өрттөп барат
Колдорумду кармаганың.

Көздөрүмө тигилгениң,
Мени утурлап гүл илебиң.
Бир өзгөчө назик жаным
Жан ээриткен шыбыр кебиң.

Туш тарабым алма жыты,
Мунун баары жөн эледир.
Бийик учкан көңүл кушу
Сага айланган делебе бир.

Тагдырыма кирип келдиң,
Сурап нетпей, баскынчыдай.
Кол алдында калдым СЕНИН,
СЕНсиз күнгө кантип чыдайм!

Коргонууга алым келбей
Сазга баткан сыяктанып
Тынч жашоого жүрөк көнбөй,
Сен деп согуп, турам жанып.

28. 09. 90-ж.

**5.**

Кел экөөбүз чогуу олтуруп,
Узаталы сааттын жебесин? —
Кучагыма үмүт толтуруп
Кудай билет качан келесиң?

Өткөрөлү өмүр ирмемин,
Канатында сулуу дүйнөнүн.

Жүрөгүңдүн угуп түрсүлүн,
Жанып жырган бирге жүргөмүн.

Кел жарыгым чогуу ыр угуп,
Бул толкунду чогуу тосолу.
Сенин демиң мага угулуп
Сүйүүбүзгө сүйүү кошолу.

Көңүл отун улуу жагалы,
Аралыкты турсун жарыгын.
Кыял минип, жалын тарагын,
Каттайт эми алар жарышып.

Этиеттеп сүйүп көкүлүн,
Жөнөтөлү бирин-бирине.
Көз тигели катар олтуруп
Сагынычтын оттуу биийине.

Койберели деңиз бетине,
Толкун тыткан күтүү кемесин.
Көздөрүңдү салып эсине
Ээрчийт аны менин элесим.

Кел экөөбүз чогуу олтуруп,
Ээаталы сааттын жебесин.
Кучагыма сүйүү толтуруп
Асылзаадам качан келесиң?!.

28. 09. 90-ж.

**6.**

Бейиш багы, бүт жемиши жайнаган,
Сен коштошкон баягы кыл көпүрө.
Гүл жыпарга бөлөп турган айланам,
Ак-Буура да сени салат эсиме...

Бүтүн баары коюндаган сүйүүнү,
Жеңиш бактын чөбү, жашыл майданы.
Сагынычта кеттиң эңсеп үйүңү,
Эстелеби?! элет жердин арманы...

Эстелеби?! бүлдүркөндүү жашыл бак,
Бышып турган тээ көк муштум жаңагы.
Куштар таңда сайраган күү,
жашынмак —
издеттирген ар күн алыс,
аялуу...

Эстелеби?! арманы көп боз чымчык,
Эртели-кеч терезеңде сайраган.
Жалгыздыкта калаар көңөл күү тынчтып,
Саргайды го, толукшуган айлана...

28. 09. 90-ж.

## 7.

Кусалыкты мындан ары көтөрө албайм,
Билесиңби?!
Кандай оор, кандай ачуу!..
Ким бул жүктү көтөрөт?
жетпейт дарман.
Мени ага тебелетпей,
Алып калчы!

Назик дилди жукартты го,
кусалыгың,
Өнөкөт бир оорудай нерсе тура!
Махабаттын кубаты аз,
жетпейт алым,
Кармашсам да кубатым жетпейт буга.

Сыйрыгандай жамынчыны,
Оор жүктөй колдон алган,
Алып салчы, оңой сага.
Жетет эми,
сыноонун да чеги болот!
Бир ирмем
аракеттиң керек мага.
Кутулууга кусанын азабынан
Сенин гана сунган колуң,
телефондон чыккан үнүң,
кичине эле жөтөлгөнүң
жетпей турат!
Кусалыгың кандай оору
кандай ачуу,
Ким бул жүктү көтөрөт?
Дарман жетпейт.
Мени ага уйпалатпай,
Сыйрыгандай жамынчыны
Алып салчы!!!
Көтөрө албайм мындан ары,
Чымын жанды алып калчы!
Кусалыктын уу кесесин
алыс төкчү!

Сөөктөн өттү!

28. 09. 90-жыл.

**8.**

Эми ким келмек эле гүл көтөрүп,
Бир кучак сүйүү алып,
көзүнө сагынычты үйүп алып,
Колуна шамдай кармап
сүйүү жагып,
Жылчыксыз кара түндү бузуп-жарып
Ким эми келмек эле?!

Эми ким келмек эле,
толкундантып,
сүрдөтүп, ысылатып,
Көөдөндө жалын чиркин
толуп-ашып,
Жайнаган от карегин балбылдатып,
Көрүнүп сырттан токтоо
турган шашып,
Ал кайда? Мажнун ашык!..

Эми ким келмек эле?!
Дүйнө толуп,
бир өзү ааламды ээлеп,
Ааламга издөө салып,
мээримге магдыраган сезим мээнип,
Бакыттын чеги калбай
деңиз жээк жок.
Тымпыйган тоо толкундай
толкуп агып,
Ким эми келмек эле?!.

Соолуган гүл чамбарлар,
Соолуган гүл десттелер
жыты калып,
Жапжалгыз күтүү чарчап, күтүү карып,
Сүйүүдөн быт-чыт болгон
түндөр кара...
Ал келбейт, өчкөн жарык!

28. 09. 90-ж.

**9.**

Майрам дагы бүттү түгөнүп,
Топураган көптүн ичинде

Жалгыздыктан чарчап, түгөндүк...
О, ишенчээк көңүл күтүнбө.

Кимге керек бөөдө сарсанаа,
Көтөр башты, унут чарчаба.
Акыбетсиз сезим ушундай.
Ага алаксып калдың байкабай.

Бүгүн таңдын назик эркеси,
Торгой менен салкын желаргы.
Өткөн чактын болот эртеси
Оомал-төкмөл бүткөн заман бу.

Боло бербе түндүн сүтөгы,
Аны кайдан бөтөн түшүнмөк.
Бөтөн жерде толуп кучагы,
Ырын окуйт бөтөн күпүлдөп...

Кубанычтын жабык эшиги,
Салтанаттан дайын билинбей.
Баркташ эмес арман — кечигүү,
Изи аткан октун жигиндей...

Майрамдардын келди эртеси!..

**28. 09. 90-ж.**

**10.**

Ким сени сураңды эле
кийлигиш деп?
Жай аккан тагдырыма кийлигиштиң.
Тараган чачтарыма,
караган бак-шагыма,
Жөн эле адаттагы жумушуңдай,
Беймарал жүргөнүмө,
Өзүңсүз Асманыма
Келдиң да, туруп алдың аралашып,
Жалгыздык деген дартты
Жара басып!
Жанымда пайда болдуң
Өзүң эле.
Айтышым керек эми «Экөөбүз» деп,
Кетем дебей, кетебиз — деп.
Өзгөрүп кетмей болду эрежелер,
Түзөсүң ыңгайлатып экөөбүзгө.
Аралдын турмушунда тартип башка,
Кеч эми,
Айта албаймын — Аралашпа!

**29. 09. 90-жыл.**

## 11.

Сентябрь. Жыйырма сегизи,
Биз дайым белгилээр күнүбүз.
Алыстан саргайып, эзилип
Угулбай, коштолбойт үнүбүз.

Сентябрь — жалбырак саргайган,
Айлардан маанайы чөгүңкү.
Жемиштүү баштагы айлардан,
Таптырган, жоготкон өзүңдү.

Сентябрь — аты бир башкача,
Жагымдуу булбулдун ырындай.
Сүйүү бар тамчыдай таптаза,
Экөөбүз аздектеп сыйынган.

Сентябрь — гүл бакча бозоргон,
Жүзүмзар бал таткан ширеси.
Сентябрь — карама- каршылык,
Тагдырдын бактылуу күнү өзү!

Сентябрь — чагылган сезимдин,
булутка чабылып кыйрашы.
Көк асман көнөктөп көз ирмем,
Таалайга карк болуп ыйлашы.

Сентябрь.
Кайчы жол, көк жээктей, —
көксөткөн,
каректер сагынган!
Сентябрь — сапсары ай
Жалындай!

29. 09. 90-ж.

## 12.

Коштошуу сөзү — эринде күйөт,
Жүлүндү өрттөп, жаралайт жанды.
Коштошуу сөзү — айрылуу даңктап,
Гранит таштай көңүлдө калды.

Коштошуу сөзү — караңгы түндөй,
Чексиз да жээксиз көөдөнгө батпайт.
Коштошуу сөзү — эч аё билбей
Жалгыздап эзип, каректи жаштайт.

Коштошуу сөзү — өбүшүү ээрип,
Кармалып жаны эринде гана.
Коштошуу сөзү — айлана ээндик,
Калтырбай кетүү демин да сага.

Коштошуу сөзү — бал тура таттуу
Татканда улам көңүлгө тийген.
Коштошуу сөзү— уудан да ачуу
Тандырган эстен, караңгы дүйнө!
Коштошуу сөзү — жаныма жөлөк,
Жашыруун сырым, жашатып жүргөн.
Коштошуу сөзү, коштошуу сөзү,
Кылымга тете көз ирмем!

Ирмем!

29. 09. 90-ж.

## 13.

Дүңгүрөтө аалам алкагын,
Кулактандыр, издеп жүрөт де.
Каркыралар болсун кабардар,
Жакшы оюма дайым тилектеш.

Мени билбей жөнөп кетпесин, —
Аэропорттон узап алыска.
Аты-жөнүн даана окугун?
Микрофон үнүн жаңыртып,
Жарыяла, издөө салалы.
Сүйөөрүмдү айткын жашырбай,
Кетирбестен алып калалы!

Трапка али бутун коё элек
Убакытты күтүп жүргөндүр!
Ансыз
перрон бошоп турбасын,
Микрофон, жаңырт тезирээк!
Эң акыркы үмүт сендеги,
Акталбастай
ачуу сезилет.
Аты, жөнүн даана
кайтала!
Тапмайынча кайтпайм
аркага.
Дүңгүрөтө аалам алкагын,
Кулактандыр!
Издеп жүрөт де!
Жана дагы баса белгилеп,

Сүйөөрүмдү айткын жашырбай,
Бир башкача аял затындай!
30. 09. 90-ж.

## 14.

А балким, жолугаарбыз, буюруса,
Кандайын ким эртелеп айтмак эле.
Жашаймын үмүтүмдү боорго кыса,
Деңизден кайтып калаар
күткөн кеме.

Тилегим кабыл келип, асыл жарым, —
Эстесе, бактым чалкып толор деңиз.
Тагдырдын далай көрдүм жашынмагын,
Күн — барик, гүлдөп өтөт мени үз,
мени үз...

А балким, чакмак алып биздин тагдыр,
Өмүрдүн кылда учунда табышпайбыз.
Сүйүүсүз сенин жашап калгың бардыр...
Күн санап, карек талып издейм ар күз.

Турмушта «бир үмүтсүз шайтан»—делет,
Күтөмүн бүгүн келет, эртең келет.
Сен менин сагынчыма зар эмессиң,
Мен жетпей, зарлап өтөм
Эртең демек!
30. 09. 90-ж.

## 15.

Чарчап бүттүм,
эми чалбагын,
Телефондун тербе номерин.
Күтөөрүмдү ооба танбадым!
Талмак болду бөөдө карегим.

Шыңгыратпа эми беймаалда,
Тынчтыгымды бузуп иретсиз.
Жылуулуксуз көнүп калганда
Жүрөк тилген муздак келет күз.

Чарчап бүттүм,
Болбо убара,
Уга албаймын башка үнүңдү.
Чыдам керек тоодой буга да,
Коротконго күтүп
Күнүмдү.

Телефондун санын унуткун,
Көңүлүңө бекер сактаба.
Сарсанаада өтөт күйүп күн
Бошот ойду, дилди
                    таптаза.

Чарчап бүттүң балким
                    Сен дагы,
Телефондун тербе номерин.
Кыял минген сезим талбады,
Закымдарга сиңип келемин!

Аралыктар алыс,
                    Чалбагын!
Чарчап бүттүм,
            Күттүм
                    каржалып!
Аны учпаган киши түшүнбөйт,
Кайдан билсин аны майдалык!

30. 09. 90-ж.

## 16.

Менче ыссык эч ким өзүңдү
Сүйбөйт.
        Жылдап күтпөйт саргая.
Кайталабайт айткан сөзүңдү
Жалгыздыктан сактаар аргадай.

Менче ичтен жанып тымызын,
Корой албайт чеккен чылымдай.
Сен деп коздоп
            жашоо — турмушун
Жазбайт какшап ар бир ырында.

Менче жарык күйүп сапарда
Жүрбөйт башка
            жанга болуп эш.
Айрылууну билбес адамга
Мындай тагдыр эрөөн көрүнөт.

Менче бирөө сени этиет,
Караан болуп дайым коштобойт.
Кагуу жесем бу кырс тагдырдан
Мени сенче өзгө жоктобойт...

Өмүр бою назик аздектеп,
Сүйө да албайт бирөө менчелик!

30. 09. 90-ж.

## 17.

Кантип эле унутасың сырттаным,
Өзүң ээлеп, курчоого алган аралды.
Көп жагымдуу убадаңды укканмын,
Тосом,—дедиң, мени үшүткөн шамалды...

Жагам,—дедиң, терезеңе жарык нур,
Ырдайм дедиң, уккулуктуу назик ыр...
Барын санап айтканымда не пайда,
Сөздүн кунун тебелесең,
Болуптур!

30. 09. 90-ж.

## 18.

Ырас болду сенден кабар жок,
Эки учунда чексиз дүйнөнүн.
Кечир баарын башка амал жок,
Кечир, бекер экен сүйгөнүм.

Аралыктар ачып көзүмдү,
Өзүмдү эки аяп олтурам.
Убарага салып сезимди
Жок бактыны кайдан болтурам?

Көккө сиңип күйгөн каректин
муздап барат бүгүн илеби.
Актануу да эми керексиз,
Ичкеретпей жалын күйөбү?!

Алыстайбыз, унут өтүнөм,
Сүйгөнүмдү кумдуу талаадай.
Жек көрүүңдү мен да кечирем!
Суусуз жашоо жокко карабай!

Кечир өткөн чогуу мезгилди,
Бир тал чийдей күйгөн экемин...
. . . . . . . . . . . . . . . .
Бул сүйүүдөн
Мен да кечемин!

30. 09. 90-ж.

## ДАРЕКСИЗ ЖЭЭК

(Кыз кемпир баяны)

Үрула эжеге жана согуштун
кесепетин тарткан көптөгөн,
майышпаган аял затына арнаймын.
автор.

### 1. Таллиндеги түштөр

Түштөрүмдө балалыктын асманы,
Кыркынчы жыл.
Бейпил айыл жаштары.
Карыялар кара кылды как жарган,
Байбичелер берекелүү,
нускалуу...

Конок үйү Виру бийик өзгөчө,
Креслодо көз илинет жайма-жай.
«Ысмайылдын уну тозгон тегирмен,
чууруп турат тегирменге ак буудай.

Сен жүрөсүң кара эшекчен,
буудай жүз,
Чала ышкырып, мурунунду шуу тартып,
Ала таар кап, мага тааныш кызыл түс,
бозоргон тоз, кеттиң ага ун артып...

Баягы эле карга шыйрак, боз бала,
Чики чапчуу, жеңилгенде «зуулдап».
Күлүп турам оюнкарак мен сага,
Сен алыстап баратасың, жымындап...»

Түштү бузат шыңгыраган телефон,
Улайт кыздар Кыргызстанга, үй менен,
(Өз тилинде сүйлөө деген чоң кумар
билбейт аны эл кадырын билбеген).

Анан ичтен күңгүрөнөм акырын,
Сүйүү деген жомогубуз жөнүндө.
Болбосо эгер чен-өлчөмү жок сүйүү
Болмок эмес
Жеңилүү да,
Жеңилбөө!

### 2. Айыл кеби

«Дарексиз болуп кетти ошо бойдон...»
Шыпшынат карыялар, байбичелер.

Бул сөздү ойлоп тапкан согуш ойрон,
а бирок, көзүм жолдо, балким келээр...

Кырк бир жыл күтүү чарчап, арыбаган,
Табылды канчасынын Дарек—Жайы...
Сенден бир куш кабар жок
жарыбаган,
Түгөнүп барат эми чыдам дагы.

Бул дүйнө миллион жыл тыным билбей,
Толкундап деңизи да, Океаны.
Жер кезген өз атагы үчүн шамал...
**Таш кулап, көк тиреген аскадагы...**

Дайрада суу ордуна кан жошолоп,
Канча ирет азап берген Жер Энеге.
Ичилбей канча ырыскы казандагы
От өчкөн, тулга түшүп кемегеде...

Туш болду турмуш — кеме көп кыйроого...
(шаар сайын, айыл сайын эстеликтер...)
Жай алган Жашоо деген Аренада —
Топудай жаабай калган сур булут бар!..

Булутту четке сүрүп колум менен,
Куштардай кайткан жылуу уясына
Мен жээкке сени таппай жалгыз келем...
Чардакка жээксиз жашоо кыйын тура!..

Дарексиз болуп кеттиң ошол бойдон...

### 3. Кайык

Өтөт деңиз бороону убагында,
Суу чайган жээк коздолот куш изинен.
Бөтөн жердин көк жайык жакшы дечи
Көк-Арт суусу кетпеди түн түшүмөн.

Мемориал Мариямаги, түбөлүк от,
Ага барчу жолдо не так кайың бар?
Бирге жүргөн эстон кыз түшүндүрөт:
Жыйырма миллион кыз-аял
жеке —
жылдар...

Эстеликтер тээ Мамай дөбөсүндө,
Эстелик Тукубайга айылында...

Даректүүлөр эстелик болуп келип,
Жубантты үй-бүлөсүн, зайыбын да...

Кыдырдым батыш, чыгыш шаарларын,
Ашхабад, Вильнюста дагы бир топ...
Брест же Дүйшөмбүдө сыяктанат,
Өксүбөс, боору бүтүн бир адам жок.

Балтика бизди бүгүн эркелетпейт,
Бешиктей асибеттеп кайыгында.
Бороондун кесепети жөн-жай өтпөйт,
**Балыктын тынчы кетти айылында...**

Кудум мен кырк беш жыл жол күткөнүмдө,
Кыз башым тул атыгып бүткөнүндө.
Жаз сайын байчечекей болуп келип,
Күз бышкан буудай талаа эсте жүрдү...

Деңизде кайык калды адашкан бир...
Өчөшкөн албуут толкун күчкө кирди...

## 4. Жамгыр

Жамгыр төгөт, түнөргөн сур булуттан,
Деңиз чиркин
тартат шамал азабын.
Кургакчылык
тамчы сууга заарыккан
Бул жамгырды не чакырбай жатасың?..

Чеп үстүндө таштардан суу куюлат,
Карегиңден чыккан жаштай сыгылып.
Жамгыр шыбырт көнүп алды бу күүгө,
Мага эстелик шыбырындай угулуп...

Сендей ак жаан жытыгышып алды бейм,
Басылбады, көз ачырбай шорголойт
Бүткөн боюм малма-чөлмө болсо да
Күтүү—жараат жуулат, өчпөй корголойт...

Айылда азыр мөмө-жемиш бышкан кез,
Неберелер куунайт ойноп, бак-шакта...
...Сынып калган менин жаштык кайыгым...
Сапырылат деңиз тынбай бир паска.

Жомокту ойлойм бир карыя тууралуу,
Сыйкырчыдан уулун жүргөн ала албай.
Таанып ал,—дейт, кушка айлантып

опокшош,
куштар үнсүз көзү жайнайт адамдай.

Сыйкырчыга наалат айтып, мөгдөгөн,
ал карыя кур кол кетип көп ирет.
Тааныбаса уулун кайрып бербеген —
амал бир күн адамдыктан жеңилет.

Бу буурул түн кеч киргени белгисиз,
Байкалбастан, картайган бир курактай.
Биз уурдаттык балалыкты согушка,
Өттү жылып, кармалбастан, сымаптай.

Москвада, Таллинде да окшоштук,
Бала, аял,
абышкалар...
Баатыр шаар.
Бирдей жана кыз бойдон тул калганы,
Уч-кыйырсыз кең өлкөмдө жесир бар...

Жарым кылым нөшөрлөгөн бу ак жаан,
Жууп бүтө элек жер жүзүн бүт тазартып,
Курман болгон даректүү да,
дарексиз,
Жаштык символ!
Он сегизден өтпөйт түк!

«Сыйкырланган» эстелик көз ирмебей,
Түн унчукпайт ташка айланган дүйнөдөй.
Жамгыр баарын наристедей киринтет
Гүл, бак-дарак аза күтөт үндөбөй!

## 5. Ж е т и л ү ү

Бир мектепте чогуу окуп келчү элек,
Сайдан чогуу агынды отун терчү элек.
Кээ күндөрү чукулдашып жок жерден
Бирибизди күтпөй келе берчү элек.

Унутулган анын баары тез эле...
Төрт классты чогуу бүттүк жайында.
Сен далылуу жигит болдуң эр мүчө.
Эстүү, сулуу кыз жетилдим айылда...

Өрүм чачка колуң тийсе уялып,
Келээр элем Көк-Арт сайдан суу алып.
Сен да жазган каттарыңды бере албай,
Кайтаар элең кунаныңды сугарып...

Кошуналар тил табышты сыягы...
Апам менден сен тууралуу сурады.
Сыр билдирбей компоюшту аталар,
Ар биринде баласы үчүн кубануу...

Айлуу түндө биз издебей «ак чөлмөк»
Издээр элек бирибизди бекинген.
Эсиндеби?
Өрүкзарда — таптым, — деп,
бек кучактап, өөп алганың бетимден...

...Согуш деген бир алаамат башталды,
Кан майданга эр азамат аттанды.
Жаңы төрөп Мырзакенин аялы,
Алты күндүк Камчы менен жаш калды

Айыл толгон телегейи тегиз эл,
Шаасы сууп, бошой түштү деминен.
Ар түтүндүн уулу кетип эки-үчтөн,
Биздин бакыт ошол жылы кемиген...

Кылчак карап жөнөдүң эл катары,
(белек болду саймаланган жүз аарчы),
Эрте билдик айрылууну, капаны...
Ээнсиреди өрүкзар да биз барчу.

Үзүп кеттиң жүрөгүмдөн бир үзүм,
. . . . . . . . . . . . . . . .

Бул көөдөндө көркөмдөлбөс аңгеме,
Кырк биринчи катаал жылдан калды эле.

### 6. Почточу

Кат күтүү ошол жылдын суусундай,
Айылдын жашы менен карысына.
Почточу көрүнбөсө, көңүл тынбай,
(ал элдин кубанчы да, кайгысы да).

Башталды бир коогалуу турмуш эми,
Айылда карыялар, келин-кесек.
Жаш балдар машак терип, араба айдап,
Жигиттин ордун басчу келди кезек.

Жоокерди айыл түрө узатышып,
Окушкан бир кат келсе айыл бою.
Батышта үрөй учкан кандуу согуш,
Азага алмашылды элдин тою.

Толду аалам эне ыйына боздоп калган,
Боз инген кейпин кийип ботосу жок.
Толду аалам жоокерлердин жесирине,
Бозоруп өсту уулдар атасы жок.

Трактир миндик ыйлап, билип-билбей,
Үнү өчсө жетет атчан Ашир ава.
Чапкылап үч айылда бир механик
кууралы...
Каргыш тийсин согуш сага.

ЧТЗ—чырагы жок түнү иштесек,
Келиндер кирасинден лөпчүк жагып
Сокурду жетелеген үмүткө окшош
Жер айдоо жарык баскан жакка барып...

А күндөр өттү ушундай ач-жылаңач,
Жокчулук, жайсыз кыш да ынтымактуу.
Көбөйүп кара кагаз, үч бурч каттан,
Ортодо почточуну мукуратты.

Аталар ак сакалы бириндеген,
Көз нуру уулдар үчүн жашка айланып...
Батышта сөөгү калган эр жигиттер
Айылга кайтты эстелик — ташка айланып...

Далай жан үмүт үзбөй жакшылыктан,
Дагы эле жашап келет күтүп катты.
Мезгилде жарым кылым көкөй кескен,
Почточу —
Жеткире көр сүйүнүч катты.

## 7. Окшоштуктар

Бу көк деңиз уч-кыйырсыз,
Жамгыр жууган жашыл майса
сыяктанат.
Гүл ачкан бирин-экин
катар тиккен алма бактай
буураканлайт буурул толкун
көбүктөнүп...
Айып издеп дүйүм гүлдөн,
учуп-конгон чымчыкка окшойт
өркөч сайын конуп турган
чардактар деңиздеги.
Өсүп чыккан көк майсадан
чартактаган тамыр жайып,

Кол кармашат бутактары
алма бактын.
Чогуу жайпап деңиз бетин,
чогуу бийик сапырылып,
Алгоолошо төшүн тосот
көк бороонго
жээкти чапчыйт
жапырылып...
Тиги көк жээк мунарыктуу
окшошконсуйт
Ала-Тоого мырза мүнөз
оронгон ак булутту
кымкабындай.
Чоң корабль сыяктанат
конок үйү
мачталары бийик, учтуу.
Менин бөлмөм каютадай,
а балконум кең палуба
сыртка чыкчуу.
Деңиз суусу туздуу көз жаш,
а корабль топурак, май
Скрипка минордуу,
суз күүнү ойнойт
жүрөк тилчүү курч бычактай...
Сыйрып таштап ийинден
жөө туманды
чарчаган окшоштуктан —
Деңизден качып келем айылыма
Дарексиз Жээкти таппай...
Арыштап чакырымдар аралыгын,
Күдөр үзбөй үмүттүн
Сырттанынан!
Өзүмдүн жээгимде
улгайбай
жол караган
Күтүүнүн Асманымын!

23—25-март 1990-ж.
Таллин — Ош шаары.

# Ф Е Р У З А

## КӨП СҮРӨТТҮҮ МУЗЫКАЛУУ ДРАМА
ОКУЯ ӨТКӨН ЗАМАНДА БОЛОТ

## Қ А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р

1. Феруза-Насырдын кызы.
2. Насыр — койчу Ферузанын атасы
3. Өктөм — койчунун аялы
4. Т ө л г ө ч ү
5. Бекмурат Насыр койчунун 1-уулу
6. Эшмурат — койчунун 2-уулу
7. Алламурат — койчунун 3-уулу
8. Режеп — койчунун 4-уулу
9. Кенже — койчунун 5-уулу
10. Ширин—Кенженин аялы Ферузанын жеңеси
11. Акбийке—Бекмураттын аялы, Ферузанын улуу жеңеси
12. 2—3—4-келиндер
13. Ханзада — Иран шахынын уулу
14. Жуучу— Туран шахтын жуучусу
15. 1-жигит,
16. 2-жигит — Туран шахтын жигиттери
17. Бала — Насыр койчунун небереси
18. Бир нече жигиттер катышат.

## 1-СҮРӨТ

Тоолор, адырлар, жайыкта чоң түп, бир бутагы үзүлгөн, төрт чоң-чоң төрт бутактары бар чынар терек. Жанында боз алачык. Чынарды тегерете кашаалап койгон, кашаанын жака-белин Өктөм байбиче тазалап жүрөт, обочороокто чал үнсүз колундагы камчынын өрүмүн бекемдеп олтурат. Кичинекей бала Өктөм байбиченин этегин тарткылайт.

Бала — Эне, эне! Эне дейм, Ферузанын жомогун айтып бериңизчи?

ӨКТӨМ —Ээ, балам күндө эле кайра сурайсың, күндө айтам.

БАЛА —Дагы бир жолу айтып бериңизчи эми!

ӨКТӨМ —Мейли, балам тегиң жөнүндө биле жүргөнүң дурус, айтса айтып берейин.

НАСЫР —Баланын кулагына куюп бүттүң окшойт.

ӨКТӨМ —?

БАЛА —Эне баштадыңызбы?

ӨКТӨМ —Ооба, баштадым.

## 2-СҮРӨТ

Боз кумдуу талаа, алачык сыяктуу койчунун үйү, дөңсөөлөр, сөксөөлдөр, кемпир балдары менен жүн тытып олтурат. Сырттан таягын колтуктап, колуна жаркыраган көк ташты кармап үңүлө караган койчу кирет. Алачыктын алдында беш бутактуу чынар терек турат.

НАСЫР —Оо, байбиче!
Өзгөчө көпкөк таш экен,
Караган сайын кубулат.
Байкачы муну байбиче,
Биз билбей жаткан сыры бар.

ӨКТӨМ —Келчи бери, көрөлү?
(балдары жабыла карайт)
Коё турчу, балдарым.
(Өктөм ташты колуна алат).

НАСЫР —Байкадыңбы, байбиче?
Бир сыры бардай туюлат.
ӨКТӨМ —Кубулганы кубулат,
Бир сыры бардай туюлат.
БАЛДАР —Сурасакчы бирөөдөн?
НАСЫР —Бирөөдөн?
ӨКТӨМ —Төлгөчүдөн сурайлы?
НАСЫР — Кайдагыны айтасың,
Чуу көтөрүп айылды.
Ээриккенден шашасың,
Эми эрмек табылды.

(кемпирине нааразы болот)

ӨКТӨМ —Жөн кайтарбай коюнду
Таап алгансып оюнчук,
Түйшүктү башка салдың да,
Бүткөндөй башка жумушуң
Жемелеп мени калдың да.

(кемпири таарына түшөт)

КЕНЖЕ —Жөн жерден чатак чыгарбай,
Ыргытып анда салалы.
БЕКМУРАТ —Төлгөчүгө алып баралы,
Таш жайын билип алалы.
Балчыга бал ачтыралы,
Таш жайын андан угалы?
КАЛГАН БАЛДАРЫ—Угалы, жайын угалы.
НАСЫР —Мейли анда барса баргыла,
Ушунча жашка келгени
Көрбөгөн көзүм мындайды,
Билсеңер билип алгыла.

(жөнөшөт)

## 3-С Ү Р Ө Т

Сахна айланып, кемпир балдары менен бараткан тараптан боз үй, анын алдында аксакал карыя шырдак үстүндө мандаш уруп олтурган калыбында төлгө тартып атат. Кемпир беш баласы менен келет.

5 УУЛУ —Ассолоому-алейким, ава!
ӨКТӨМ —Арбаңыз.
ТӨЛГӨЧҮ —Бар бол. Алейкима ассалоом балдарым, келгиле.

ӨКТӨМ —Бир жумуштап келди элек, айтсак айып болбос бекен?

ТӨЛГӨЧҮ —Айткыла, айт атайын келген соң,
айтпай кетсең мага жүк,
укпай кетсең сага жүк.

ӨКТӨМ —(колундагы ташты алаканына салып, төлгөчүгө көрсөтөт)
Кой баккан биздин абышка
Бул ташты таап келиптир.

ТӨЛГӨЧҮ —Оо, тилегиң төп экен,
Түрлөнгөн таш көк экен.
Биссмилла иррахману иррахим,
(таштарын тизе баштайт)
Бир максатың бар эле.

ӨКТӨМ —Бар эле.

ТӨЛГӨЧҮ —Кыз балага зар элең?

ӨКТӨМ —Зар элек!

ТӨЛГӨЧҮ —Таштын аты бирюза.

ӨКТӨМ —Бирюза?!

ТӨЛГӨЧҮ —Кыз көрөсүң, буйруса!

ӨКТӨМ —Буйруса! (кубанат, балдары да кубанат)

БАЛДАР —Буйруса! (үч үн менен)

ТӨЛГӨЧҮ —Оо, кыз төрөлүп, бой жетет. (2-ирет балдар кайталап турат)
Перидей деп дүң кетет,
дүң кететет.
Оо, оо.....(көзүн жумган бойдон калганын
айтпай баш чайкайт)

ӨКТӨМ —Калганын да айтыңыз?

БАЛДАР —Айтыңыз?

ТӨЛГӨЧҮ —(кайгылуу баш чайкайт)
Айтсам дагы көп айып, оо
Айтпасам да көп айып, оо

БАЛДАР —Төлгөчүдө не жазык!
Ачык айтың угалык.

ӨКТӨМ —Ачык айтып, ак сүйлөң?
(төлгөчү теспесин алып, улам тегерете карап, башын чайкай берет, таштарын улам аралаштырат, кейиген түрү бар).

ТӨЛГӨЧҮ —Ай, ай, ай айтайын,
Ачык айткан жакшы го,
Маакул келсе көңүлгө,
Ыргытаарсың ташты да.

ӨКТӨМ —Айтыңыз эми.

ТӨЛГӨЧҮ —Биссимилла ирахману иррахиим,
Ачык айтып, ак сүйлө.
(таштарын коюп, теспелерин тегеретет)
Тогуз хандын баарына, баарына
Кыз сулуу деп дүң кетет, дүң кетет.
Беш уулунун башынан,
Феруза үчүн күн кетет, күн кетет-оой, оо
(кайгылуу башын чайкайт)
Төбөдөгү Көк Теңир,
Айт дегенден айттым да.
Маакул келсе көңүлгө,
Ыргытаарсың, таш мына!

(деп ташты кемпирге карматат, кемпир да балдар да селейип үнсүз турушат).

КЕМПИР —Айланайын төлгөчүм,
Андайды көзүм көрбөсүн.
Уулдарымдын башына
Сиз айткан күн келбесин!

Кемпир тизелей калып бата тилейт, колун жаят, төлгөчү да колун жаят, бата кылышат.

Кыз төрөбөй нетейин,
Ташты ыргытып кетейин.
Балдарымдан айрылып,
Не муратка жетейин.
оо, оо, оо....(көп үн коштойт)

БЕКМУРАТ —Тур, апаке туруңуз,
Биз маңдайда турубуз.
Боздоп ыйлап жаткыдай,
Төрөлө элек кызыңыз.
(Апасын колтуктап тургузат).
Мындан үйгө баралы,
Бир акылга салалы.
Ыраазы кыл апаке,
Бу төлгөчү авамы.

(Аял төлгөчүгө чарчы байлайын десе, тиги албайт, капалуу баш чайкап, кичи уулуна кайтарып берет. Эне уулдарын ээрчитип, айласы кеткендей чыгып кетишет).

## 4-СҮРӨТ

Койчунун үйү, койчу сарсанаага түшкөн кемпирин карап ойлуу олтурат. Балдар ар кай жерде далдайып турганы туруп, олтурганы олтурат. Сөз бүтпөгөн абалда.

НАСЫР — Төлгөчү ырас айтчу эле,
Далай кеби топ келген.

АЛЛАМУРАТ — Ишенбейли, атаке,
Ичи тар эме окшойбу?
Ыргыткыла кокуй деп,
Көк ташты бизге көп көргөн.

ӨКТӨМ — Ок!
Андай жаман айтчу эмес,
Кудайым сүйгөн пендеге.
Олуя ата аталган,
Урматтуу адам элдеги.
Эмитен кээр сүйлөбөй
Келтире жүргүн келмеңи.

НАСЫР — Элирип эркеч токтобой,
Кой менен малдай оттобой
Какчаңдап жаны жай албай,
Аскага чыкты түгөнгүр.
Бу эркеч бирди көрөт деп,
Артынан чыккан койлорум,
Аскадан учуп өлөт деп;
Ыргыткан ташым жетпеди.
Жетейин деп калганмын,
Жер сыйпап муну алганмын.
Жаркырайт экен башкача,
Ары-бери кармалап,
Жан киселе салганмын.

ӨКТӨМ — Аны айтып, айтпай не пайда,
Жеңил болот эти дейт.
Балдарымдын башынан
Садага чабам өпкөсүн.
Беш келин келсе үйүмө,
Беш уул, беш кыз болбойбу.
Ташыңды жогот абышка,
Кудайы камын ойлойлу?

БАЛДАРЫ: — Ыргытпайлы көк ташты.

ӨКТӨМ — Мүйүздүү болом деп, кулагыман ажырай турган алым жок. Бакандай беш уулум турганда дайыны жок кыздын түйшүгүн тартпайм. Бала багыш эле оңойбу?! Кудайлап жүрүп араң тапкам, араң чоңойттум силерди.

(Балдар улуусуна карашат, Насыр койчу сыртка жөнөп калат).

БЕКМУРАТ — Оо, кутмандуу ата-энебиз,
Кайгычыл адам белеңиз.

Кыз туулуп бойго жеткенче,
Баралыбызга келебиз.
Балтыр эт толуп барпайып,
Кабырга катат каркайып.
**Калдайган эрен болобуз,**
Биз барбай, өтпөс эр сайыш.

БААРЫ —Ооба, Ооба.

КЕНЖЕ —Апаке кыздуу болуцуз,
Перидей сылап багалы.
Башына үкү тагалы,
Оюндагысын аткарып
Агалары ага жагалы.

ӨКТӨМ —Бүлөдөн ырас каччу эмес,
Күнөөгө минтип батчуу эмес.

НАСЫР —Канча, бала берсе, кудайым ошончо ырыскы кошо берет дейт.

ЭШМУРАТ — Феруза сулуу үр чыкса,
Тогуз ханга дүң чыкса.
Бир чыгаан баатыр жар болоор,
Катылгандын сазайын
**беребиз, бөтөн унчукса.**
(булчундарын түзөйт)

**АЛЛАМУРАТ — Көк ташты үйгө илели,** 2 ирет
**Төлгөчүнүн айтканы**
Ырас бекен **билели**
Ар бир башка бир өлүм,
Даяр боло **жүрөлү.** 2 ирет баары кайталап турушат.

Намыска туусаң энеке,
Коргойбуз аны **бил эми.**
Бөөдө аза күтпөстөн,
Кел туугандар бийлейли.
(беш бир tууган бийлешет)
Карындаш келет Феруза, ов!
Перидей болот буйруса, ов!

(Шаңдуу домра, добулбас ойнолот, сахна жарык болуп анан айланат)

## 5-С Ү Р Ө Т

Жаз, жайлоо, беш уул жоокерче кийинип, беш көкүл кызды сейилдетип жүрүшөт. Алыстан күлкү жаңырып, перидей кыз гүл көтөргөн сүрөт өтөт.

## 6-С Ү Р Ө Т

Жайдын толгон кези. Феруза хан тажылуу улан менен сахнанын сол тарабынан жай сейилдеп чыгышат. Ширин-кичине жеңеси жан далбастан туш-тарабын каранат.

ХАНЗАДА —Тездетпесек, сенсиз менин тынчым кетти.
**ФЕРУЗА — О, койчу, ошол да кеппи...**
ХАНЗАДА —Жуучулар оң жооп алышыптыр,
Эми той камын көрөбүз дешти.
ФЕРУЗА —Мейли, Сиз айткандай эле болсун,
Кетели, күн кечтеп кетти.

Жигит кыздын көкүлүн жыттайт, колдорун назик кармап, көздөрүнөн көзүн албайт.

ХАНЗАДА —Болжошкон күн сейилге чык, жарайбы?
ФЕРУЗА —Жарайт, жарайт, о ханзадам тарайлы.
ХАНЗАДА —Ханышам ай, кетүү кыйын жаныңдан,
Жолдорумда ай, чолпондой жана гөр.
ФЕРУЗА —Өз элиңе аман жетип ала гөр.
ХАНЗАДА —Көздөрүңө да бир карап алайын,
Кел, периштем жайнап турган жамалы.
ФЕРУЗА —Көп жалбарсаң, ага көнүп каламын.
ХАНЗАДА —Өмүр бою жетсин ушул бал сүйүү,
**Гүл жытыңа бүт турпатым балкыды.**
ФЕРУЗА —О, баатырым, күчүң ташып чыңалган,
мага да өтөт мээримиңе чыланган.
ХАНЗАДА —Жолуканда дайым неге шашасың?
ФЕРУЗА —Жок, баатырым, убакытты карачы,
Кеч киргенин сен байкабай жатасың.
ХАНЗАДА —Кечикпегин, Феруза! (коштошот)
ФЕРУЗА —Аман келгин, баатырым! (ханзада кучактайт)
**Жеңем көрөт, акырын.**

(жигит кыздын колун араң койберип, улам-улам жайнаган көздөрү менен курмарлана карап узай берет. Жеңеси кызды колунан жетелеп шашып жөнөйт)

ШИРИН —Кызыке, эң чоң жеңем байкап калса, энеме да агаңызга да айтып коёт.
ФЕРУЗА —Сиз агама андан мурун айтып койбойсузбу, четин чыгарып.
**(бактылуу күлөт)**
ШИРИН —Жаныңдай Сизди аяган,
Карагиңдей караган,

Агаңыз мени сойбойбу,
Кебимди укпай койбойбу?

ФЕРУЗА —Кечээ эле экөөң табышып,
Махабат отун жагышып...
Бой жетсем, эми эрөөн деп,
Тургула анда чабышып!
(кыз таарына жөнөйт)

ШИРИН —Кызыке, сабыр кылыңыз,
Жеңеңдин сөзүн угуңуз.
Аганды бүгүн байкайын,
Ыңгайы келсе айтайын.
Ачуусу чукул жан эле,
Анысын деле тартайын.
(тез-тез басышат)

ФЕРУЗА —Жеңекем!
(Феруза жеңесине эркелейт)

## 7-СҮРӨТ

Сахнанын жарыгы, кечке маал Кенже менен Шириндин үйүн жарытып турат, экөөнүн сүйлөшкөнү угулат.

КЕНЖЕ —Ирандын Ханзадасы киши жиберсе эмне экен?

ШИРИН —Кызга көзү түшкөндүр да...
**(күйөөсүн сырдуу карайт)**

КЕНЖЕ —Көзү түшсө, түшкөндүр...

ШИРИН —Кызыксыз баатырым, өзүбүздү унутуп калдыңызбы?

КЕНЖЕ —Оо, Ширин, сен экөөбүз кантип табыштык эле, ха-ха-ха.
(аялын далысынан имере жалооруй карайт)
Атымдын буту эле сенин айылыңда калган.

ШИРИН —Эми карап да койбойсуз...

КЕНЖЕ —Ошону эстетейин деп Ирандын ханзадасын айттыңбы!

ШИРИН —Кызыке, ал жөнүндө Сизди билеби деди эле?

КЕНЖЕ —А, билем, ханзаданын тунук акылы, жаштык сымбаты, баатырдыгы, адилеттиги айтылып жүрөт.

ШИРИН —Биздин кыз экөө топ келишкен жар болоор...

КЕНЖЕ —Ыя? Ырас анын.

(Келин чочуй түшөт күйөөсүнөн, Кенже ага көңүл бөлбөй **ойлонот).**

## 8-С Ү Р Ө Т

Аттын дүбүртү, үндөр, Койчунун үйү.
Туран шахтын керкейген жуучусу эки жигити менен кирет. Насырдын Кенжеси тосуп үйгө киргизет.

ЖУУЧУ —Ассалоому алейким, койчум, кандай тынч турасыздарбы?

НАСЫР —Алейкима ассалоом. Келгиле, келгиле. Шүгүрчүлүк.

(кол алышып учурашкан соң төрдөн орун алышат).

ЖУУЧУ —Омийин, биз келдик балее келбесин!

НАСЫР —Айтканыңыздар келсин. Куш келипсиздер!

ЖУУЧУ —Сенин баккан тоту кушуң жөнүндө элден Туран шахына да жетти. Ферузадай пери кызды алып 70 жаш курагымда төшөк жаңыртсам дейт шах. Кечикпей барып тез жообун алып кел, тойдун камын көрөм деди. Кыз калыңына сансыз байлык тартуу берем деди. Койчум, байып жатып каласың, ха-ха-ха!

НАСЫР —Шах сураганы чоң сыймык,
Кызыбыз али жаш бегим,
Аярлап турат окшойбуз.

(Койчунун кемпири баш көтөрбөй олтурат. Кенже ызалуу кейпи менен жуучуга карайт, домра менен добулбас тынчсыз күү чалат).

ЖУУЧУ —Кыз жаш болсо, өзүбүз чоңойтуп алабыз. Шахтын кеби эки болбойт. Кызды сураганга, кымызды ичкенге бер деген, койчум.
(кекээрлүү унчугат жуучу)

НАСЫР —Кымызды ким ичпейт,
Кызды ким сурабайт!

ЖУУЧУ —Бу не дегениң, койчум!

1-ЖИГИТ —Кызы бардын назы бар эмеспи.

НАСЫР —Кыз болгон соң сурай берет экен баары.

ЖУУЧУ —Ии, койчум, Туран шахы баары эмес,
сурап койгонуна шүгүр де, кааласа тартып алат.

ӨКТӨМ —Кызыбыз али жаш бегим, (баш көтөрбөгөн калыбында сөзгө аралашат).

НАСЫР —Бир-эки жыл аярлай турган жагы бар.

ЖУУЧУ —Шахка муну айтып көрөйүн,
Убактысы аз эле...
Ким билет буга көнөрүн.

НАСЫР —Эки жыл күтсө...
ЖУУЧУ —Не дедиң?!
(этегин кагып тура жөнөйт
Оо, кийин аттиң дебегин!

Жуучунун артынан жигиттер наарazы боло кетишет. Үй-бүлөнүн үрөйү учкан беймазалык менен калат, дүңгүрөгөн аттчандардын дүбүртү алыстайт, кайгылуу күү ойнолот. Кенже аларды узаткан бойдон сыртта калат.

## 9- С Ү Р Ө Т

Жайлоонун толгон маалы, сейилден үйгө келаткан шан-шөкөт. Сахнанын четинде койчунун үйү көрүнөт. Кыз-келиндер арасында үкүлүү суусар тебетей кийген кериле баскан Феруза жеңеси Ширин экөө алдыда, артында эки келин сүйлөшөт.

1-КЕЛИН —Кыз ал жөнүндө билеби?
2-КЕЛИН —Агасы айтпагыла деди эле.
(ушул кезде Феруза аларга жакындай түшүп, кеп аягын угуп калат)
ФЕРУЗА —Ал кайсы кеп эле жеңелер?
КЕЛИНДЕР —Жөн эле, кызыке, жөн эле.
(келиндер чочуп кетиишет, Феруза келиндердин кичүүсүн колдон алып ырдайт)
ФЕРУЗА —Гүлгүн курак, гүл курак,
Гүл теребиз кыз бурак.
Ой, күйдүргү жеңелер,
Мазени алат сыр сурап.
(баары ырдашат)
Ширин четтей басат.
ФЕРУЗА —Мага айтпаган сырды багасың,
Билип турам ойлуу карашың.
Айткың келип кыйбай негедир
Жеңекем ай, ичтен жанасың?
Эң кичине теңтуш жеңекем,
Мен укпаган кандай геп экен?
1-КЕЛИН 2-келинди түртөт айт дегенсип.
2-КЕЛИН —Өзүңүз айтыңыз.
ФЕРУЗА —Айткыла эми, айткыла!
2-КЕЛИН —Турандын шахы, кызыке...
ФЕРУЗА —Турандын?!
1-КЕЛИН —Тезинен Сизди алмакка,
Жуучусун шайлап жиберген.

2-КЕЛИН —Кызыбыз жаш да, дейт атам.
1-КЕЛИН —Кезениn жуучу кетиптир,
Той камын көр деп, буюруп,
Бир сөзү эки болбогон,
Айтырганына сүйүп—деп.
Көз жашы бизге тыйын—деп,
Кааласак тартып кетебиз,
Тартуууга ал, толгон буюм деп.
Ата-Энем кейип олтурат..
ФЕРУЗА —Эч кабар жокпу Ирандан?
ШИРИН —Кечикти неге, биле албайм?
ФЕРУЗА —Кайнады бекен шорубуз,
Тосулду бекен жолубуз?
Агамдар не дейт? Агамдар?
2-КЕЛИН —Нөшөрлөп жаачу булуттай,
Куралын камдап шайма-шай.
Турандын шахы кол салса
Түрлөрү бар га кармашаар.
1-КЕЛИН —Айткан дейт энем, төлгөчү...
2-КЕЛИН —Ээ, башында калсын төлгөсү,
Төлгөдөн аны көрбөчү.
ФЕРУЗА: —Мунуңар дагы кайсы геп?
ЭКӨӨ ТЕҢ —Сиз төрөлө электе,
Айткан дечү агаңыз.
ФЕРУЗА —Бактылуу өттү балалык,
Тартабы эми кордукту.
Желге ыраа көрбөс колумду,
Кармайбы эми зордукчу?
Ирандан кабар болбосо,
Чабышса бекер агамдар.
Башына түшкөн күн болбойм,
Бактыма тике карайын.
Чакырчы Кенже агамды,
Чалына өзүм барайын.
ШИРИН —Не деп турсун, кызыке?
(2-келин чыгып кетет)

**Сырттан бакыйган келбеттүү, жадыраган жүз менен Кенже кирет.**

КЕНЖЕ —Кандай алың, Феруза?
Кабактарын салыңкы.
Чыкпадыңбы сейилге?
1-КЕЛИН —Сизге сөзү бар экен уул.
КЕНЖЕ —Айт, айта гой жаркылдай,
Адатыңча тартынбай (жылмая карайт)

2-КЕЛИН —Түйшөлткөн кабар геп угуп,
Туран шах чабат деп угуп...

КЕНЖЕ —Жебиреген экенсиңер да?..
(Келиндерге каардуу карайт)

ФЕРУЗА —Абаке, мени угуңуз,
Бир азга сабыр кылыңыз.
Бешөөңдүн беш тал чачыңа,
Арзыбас ушул кызыңыз.
Ал чалга барса барайын,
Чабыштан бизге пайда жок,
Каарына алса калк кырат,
Мен барам, башка арга жок.

1-КЕЛИН —Куураган как баш ай.

КЕНЖЕ —Кагылайын бир боорум,
Сен төрөлбөй жарыкка,
Бул мүшкүл жайын билгенбиз.
Ыраазы болуп тагдырга,
Сени кудайдан тилеп жүргөнбүз.
Балтыр эт толуп барпайган,
Кабырга катып каркайган.
Бешөөбүз баатыр, дөө болдук.
Жалбырап баккан Пери кыз,
Сен таяна турган тоо болдук.
Туранга сени бергидей,
Билектин күчү кете элек,
Тогуз хандын элинде
Билектүү бизден өтө элек.
Көз жашты бөөдө төкпөгүн,
Санаага бөөдө чөкпөгүн,
Эр-жигиттин салты бар,
Ата-эне уккан анты бар.
Аткарбасак биз аны,
Оболу бизди ант урар.
Башыбыз туруп ийинде,
Көзүбүздүн тирүүндө,
Туранга сени бербейбиз.
Көз жашыңды көрбөйбүз.

ФЕРУЗА —Кагылайын абаке!

(Кенже карындашын боорго кысат, сырттан энеси кирет)

ӨКТӨМ —Бу эмне деген жыйылыш?

ФЕРУЗА —Туранга бер дейт, кызыңыз,
Агаларымы кыйбайм дейт,
Тал чачына турбайм дейт.
Ыраазылык бериңиз!

(Кыз энесинин бутуна, жыгылат, ызы-чууга сырттан башкалары да киришет)

ӨКТӨМ —Оо, кагылайынаралдым,
Кимиңерди кыймакмын жамандыкка,
Мен шордуунун тилеги
Тынчтыкта, амандыкта.

(эне жыгылат, тирелген уулдары боздогон энени кармайт, Насыр карыя мөгдүрөп, келиндер Ферузаны сүйөп турушат. Ширин суу апкелип Өктөм менен кызга себет).

ӨКТӨМ —Кагылайын балдарым,
Боор этимден жаралган.
Өмүр тилеп кудайдан
Жалбарып бу чач агарган.
Алдыңардан кетейин,
Көзүм көрбөй жамандык,

БЕКМУРАТ —Баарыбыз эбак билгенбиз,
Даярдана жүргөнбүз.

ЭШМУРАТ —Бешенеге жазганды,
Көрбөскө жок аргабыз.

ААЛМУРАТ —Башка түшсө көрөбүз,
Ажал жетсе өлөбүз

(муңдуу, дүңгүрөгөн күү ойнолот)

## 10-С Ү Р Ө Т

Боз үй, койчу кемпири менен олтурат, 2-келини чыгып-кирип кызмат кылып жүрөт. Насыр ойлуу

НАСЫР —Балдардын баарын үйлөдүк, кудайга шүгүр, келиндериң дурус чыкты... Эми тиги кыз...

ӨКТӨМ: —Ооба, кудай тилегибизди берди.
А, кыз дегениң кандай?

НАСЫР —Кандайың, кандай? Тогуз хандын элине дүң Феруза сулууга тең келчүү дубанда кыз жок деп, жолу тиякта жатса да биз тарап менен өтчүүлөр көбөйдү. Жуучулар тынбай келип жатат. Кыз али жаш деп олтурабыз.
Тиги балдарыңды чакырчы, геп бар.

ӨКТӨМ —Тиги, балдарды чакыргылачы!

(сырттан кирген келин чыгып кетет, уулдары биринин артынан бири улуулата атасынын жанына тизиле олутурушат).

БЕКМУРАТ —Ии, чал-кемпир, чүңкүлдөшүп калыпсыңар?

НАСЫР —А деп бу дебей, кептин ток этеер жери, сары

майдай сактаган сырым, көздүн каретиндей асыраган карындашыңар Ферузаны өз теңине берели. Жуучу тынбай келип жатат.

Кызыбыз жаш деп келдик,
Кыйла дакн жеп келдик.
Бизде күйөө, Сизде кыз,
Сөөктөшөлү эми биз,
Ирандын келди жуучусу.
Ханзадасы боз улан,
Адилет, баатыр деп угам...
Өлөсөлүү Туран шахы,
—«Айтканыма көнгүн деп,
Тезинен жооп бергин деп,
Элиңе чырды салам деп,
Көнбөсөң тартып алам» — деп,
Токолдукка суратты,
Аны дагы уктуңар...
Көзгө түшсө кызыбыз,
Жуучу аягы тыйылбайт,
Туран шахтай зор чыкса,
Кыз бактысы кыйындайт.
Эми бир гепке келели,
Ферузду кимге берели?

КЕНЖЕ —Эгер айып болбосо,
Агаларым колдосо,
Ирандын шахы ылайык
Эзелден берген шертим бар,
Ага да даяр туралык...

БЕКМУРАТ —Ийе, Кенже туура айтат,
Шайманыңар шай болсун.
Күлүгүң турсун токулуу,
Кийимиң турсун кийилүү.
Турандын шахы кара өзгөй,
Байкатпай келип калбасын,
Каран күн башка салбасын.

ӨКТӨМ —О, теңирим аны каргасын!

БЕКМУРАТ —Эшмурат жол күзөткүн.
Режеп уйкуң көп эле,
Кезмети сенде күзөттүн.
Алламурат ат кара,
Бир жамандык билинсе,
Жебени көккө аткыла.
Кенже баатыр даяр бол,
Мышыктан да аяр бол.

АЛЛАМУРАТ —Ирандык жуучуга кандай айтылды?

НАСЫР — Эки жашка коёлу,
Көңүлдөрү табышса,
Ою менен бололу дедик.
Тойдун камын көрүшөт,
Эки-үч күндө келишет.

КЕНЖЕ —Тилеп сурап алганбыз,
Апам— менен атамды
Түйшүккө далай салганбыз.
Чоң абакем айткандай
Бир жакадан баш чыгып,
Бир жеңден кол суналы.
Каргадай болгон Перини,
Ага че коргоп туралы.

НАСЫР —Омийин, ишиңерге оомат келсин!
Карындашыңарды өз уясына
аман-эсен кондуралы.

(энеси көзүнө жаш алып ыйлайт, баары бата тилеп омийин кышат).

КЕНЖЕ —Алдын ала боздобой,
Сабырга качан көнөбүз.
Кагылайын атаке,
Кагылайын апаке,
Кайгыра турган жайың жок,
Жаман жоро баштайсың,
Эч нерседен дайын жок!

**АКБИЙКЕ —Кызды балким, Туран шахына берели?!..**

БЕКМУРАТ —Ишиңди кыл, аралашпай сен эми!

ШИРИН —кабар кечикти Ирандан..

(Келиндер бирин-бири түртүп чыга жөнөшөт, эч ким унчукпайт)

## 11-С Ү Р Ө Т

Сахнада жарык, дүбүрттөр, иттин үргөнү, боз үйдүн жанында кыз, байбиче, келиндер, беш бутактуу чынар терек.

БАЛА —Жоо келатат! Жоо келатат!

чуркап өтөт, кыйкырык, сүрөөн угулат, добулбас кагылат. Сахна тегеренип, эр сайышкан майдан, кулап жаткан жигиттер, Кенже баатыр беш-алтоо менен сайышып жүрөт, колдору кан, ага туш-туштан найза кезеп жүрүшөт.

КЕНЖЕ —Эр болсоң, жекеге чык!

ЖИГИТ—Жетти сенин жекелегениң, (кекиртегин көрсөтөт)
Алгыла жигиттер!

Сахна кайра айланып, бир четинде Ирандын ханзадасына беш-алтоо жабышып, акыры байлап алышат.

**ЖИГИТ** —**Ии, Ханзада, жалгыз нөкөр менен кызга ба ратkансың го. ха-ха-ха**

ХАНЗАДА —? (үн катпай ачуулуу карайт)

ЖИГИТ —Ал перизат кыз сага буйрубайт. Турандын шахына кудай буйруган 41-токол болуп, шах төшөгүн жаңыртат.

ХАНЗАДА —Ага сен не сүйүнөсүң?
**Жуугундуга тойгон ит.**
Жигиттерим болгондо...

ЖИГИТ —Эмне, аз зыян кылдым деп турасыңбы?!
Эми сазайыңды мына биз беребиз.

1-ЖИГИТ —Шахтын өзүнө тирүү алпаралыбы?

**ЖИГИТ** —**(төш чөнтөгүнөн чети чыккан жүз аарчыны алат)**
Ии, бул перизаттын колу тийген белек бейм.

ХАНЗАДА —Салып кой ордуна.

**ЖИГИТ** —**Ме, сага! (урат)**

Сахна кайра тегеренет, айыл, койчунун үйү, эшик алдында беш бутактуу чынар теректин жанында кемпир, чал, кыз-келиндер. Чынардын бир бутагы чагылган тийгендей чарт этип үзүлүп түшөт.

ӨКТӨМ —Оо, каран күн, Кенжемен айрылдым. Кенжемен айрылдым!

ШИРИН —Беренимен айрылдым, беренимм!

(ызы-чуу аялдардын ыйы, келиндер ыйлаган эки аялды кармашат)

ФЕРУЗА —Абакем ай, абакем ай!
(чыңырып жыгылат—эки келин аны кармайт)

Дүбүрт угулуп, сахнада чоочун жигиттер пайда болушат.

1-ЖИГИТ —Койчунун үйү ушубу?!
— ? ? ?

2-ЖИГИТ —Шахка токол болчуу Феруза сулуу мобу го.
(Ферузага жакындайт, Ширин анын алдын тосот)

1-ЖИГИТ —Ыйлаган да жарашат экен сулууга, ха-ха-ха...
Кыз тынар жерине ыйлап барат.

**2-ЖИГИТ** —**Ии, жеңеси, Туран шахы сендей күңү менен** кошо апкелсең деле мейли деген.
(келинди билектен алат)

**1-ЖИГИТ** —**(Жүз аарчыны Ферузага көрсөтө, бир чети** кызыл кан)
—Мына, Ханзадага эми керексиз, тойдун көчүн жигиттер талап кетишти ха-ха-ха.
(Феруза алдыга бөлүнүп чыгат)

ФЕРУЗА —Беш агамды жедиңер,
Аны да аз дедиңер.
Бекзаадамды жедиңер,
Муну да аз дедиңер.
Мага да кезек келгендир...
Түрк элинде кыздарга,
Бирюза мончок такпагын.
Гөйгөйгө салат бүлөсүн,
Феруза койбо аттарын.
Күмүш, шуру тага бер,
Алдейлеп сулуу бага бер.
Кызыл шуру тага бер,
Бөпөлөп кызды бага бер.
Аздектеп баккан ата-энем,
Мээнетинден кечкиле.
Ак сүтүңдөн кеч эне,
Туран шахка барайын,
Алыс жолдун алдында,
Бир суу ичип алайын.

(мурун даярдап койгон капшыттагы жыгач аяктан уу ичет).

Аркамда калып зарлабай,
Мен ичкен суудан ичкиле!
(эки жигитке карап—)
—Үйүндө жатып үйлөнгөн,
Өлөсөлүү чалыңа,
Мени эми алып баргыла.

(кыз жыгылат, жигиттин бирөө кесени ыргыта чабат. Чал-кемпир тирүү калат. Ызы-чуу менен жарык өчөт).

## 12-СҮРӨТ

Чоң, бир бутагы үзүлгөн төрт чоң бутактуу чынар терек, жанында боз алачык. Чынарды тегерете кашаалап койгон, кашаанын тегерегин кемпир тазалап жүрөт, чал обочороок үнсүз камчынын өрүмүн бекемдөөдө. Кичинекей бала кемпирдин этегинен тарткылайт.

БАЛА —Эне, эне! Ферузанын жомогу бүттүбү?

3—4-декабрь 1990-жыл, Ош шаары.

## АЯККЫ СӨЗ ОРДУНА

Акын, драматург, белгилүү коомдук ишмер Тазагүл Закирова Сузак районунун Качкынчы айлында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Азыр тарыхый-маданий мурастарды жайылтуучу «Насыят» ишканасын, 1991-жылдан бери облустук мусулман аялдар коомунун төрайымы, Кыргызстан (альтернативалуу) жазуучулар кошунун төрагасынын орун басары сыяктуу коомдук иштерди жетектейт. Ондогон чыгармачыл жаштардын китептерин жарыкка чыгарды. «Курманбек» эпосун айткан Ади Өмүралы уулу жана эпоско тиешелүү тарыхый жерлер жөнүндө сценарий жазып, даректүү тасма тарттырды. Курманжан датканын ишмердигин элге жеткирүүдө, анын маарекесин өткөрүүдө жана башка тарыхый мурастар боюнча алгылыктуу иштерди жүргүзүп келе жатат.

Ырлары 1967-жылдан бери алтай, түркмөн, казак, грузин, орус, өзбек ж. б. тилдерге которулуп 17ден ашуун коллективдүү жыйнактарда жарык көргөн.

Акын, драматург Тазагүл Закированын «Ырлар», «Купуя сезим», «Ак жаан», «Кусалык» деген кыргыз-орус тилдеринде жарык көргөн ыр жыйнактары эл ичинде өз окурмандарын тапкан. Бүгүнкү күндө кыргыз элине эң зарыл болгон «Эски араб-кыргыз алиппесинен жана жазуусунан сабактар үчүн» түзгөн «Алиппе» китеби окуучулар менен араб тамгасын үйрөнүүчүлөрдүн негизги окуу куралы болуп калды.

Тазагүл Закированын «Курманбек баатырдын кароол дөбөсү...», «Курманжан датка жөнүндө эки ооз сөз»..., «Жибек кийген эрке кыз...», «Күн чыгыш өлкөсүндө» жана башка көптөгөн публицистикалары коомдогу социалдык-саясий орчундуу, проблемалуу маселелерди терең, курч жана масштабдуу коё алгандыгы менен элге белгилүү.

1990-жылы Түркияда чыккан түрк тилиндеги «Кыргыз поэзиясынын антологиясы-

на» да бир топ ырлары кирген. Тазагүл Орто Азия жана Казакстан жазуучу аялдарынын 1984-жылы Ашхабад шаарында өткөн II симпозиумунун катышуучусу.

Тазагүлдүн жумшак лиризмге бай ырлары, махабат ырлары, жашоо турмушка, мезгилге, чөйрөгө болгон көз карашы, журт алдындагы, Мекен үчүн жоопкерчилик, кыялга, символикага бай философиялык ойлор, сезимтал ыргактар, жүрөктөн чыккан ырлар.

Тазагүлдүн колуңуздагы «Боз торгойдун ыры» ырлар жыйнагы акындын кийинки кездерде жазган ар түрдүү тематикадагы лирикалык ырларын ошондой эле «Сентябрь: ыр күндөлүк», «Дарексиз жээк» сыяктуу бир нече ыр түрмөктөрүн «Феруза» аттуу ыр менен жазылган драмасын ичине камтыды.

## МАЗМУНУ


1. Ыйык жол 3
2. Көңүл мээнип кучак жайганга... 4
3. Күү 5
4. Ат чабыш 6
5. Издер 7
6. «Жал-куйругу канаттай желбиреген...» 8
7. Жол 8
8. Сапар 9
9. Самалеттогу ыр 10
10. Жаңы конуш 11
11. «Сербейген назик периштем» 11
12. Куттуктоо кат 12
13. Кел, Ноорузум! 13
14. Футбол 13
15. Бешик той 14
16. Аман болчу, элет жер 15
17. «Тоого келдим шыбак жыты буркурайт...» 16
18. «Келди жыл, мейман сындуу...» 17
19. «Билгениңдей...» 17
20. Сүрөт 18
21. Күзгү ойлор 18
22. Азаматка эки ооз сөз 19
23. «Сагынттыңар, чыйыр жолдор чаңдаган...» 20
24. Арашандан алты ыр (түрмөк) 21
25. «Кайдагыны оюма салдың бүгүн...» 26
26. Камчыбектин ыры 27
27. Курманжан жөнүндө ырлар 28
28. «Эстелик белги дейбиз тарых үчүн...» 31
29. Июндун оңдолбогон тогуз ыры (түрмөк) 31
30. Түмөкеге кош айтуу 39
31. Бадалдар 40
33. Конок келди ыр көтөргөн бир куржун 42
34. Кар 42
35. Кыз курак 43
36. Дешет 43
37. Байбиче менен сүйлөшүү 44
38. Өкүм сүрөт деңиз—ыр 44
39. Элес 45

40. Сүрөт 46
41. «Бул короо, күткөн жандар...» 47
42. «Шамал — максат безип жаны жай албас...» 48
43. Боз торгоюм 49
44. Айыктырчы, убакыт 50
45. Шаани 50
46. «Сүйүү дарак өрттөй өстү көкөлөп...» 51
47. Маанай ыры 52
48. Кабар 53
49. Эскерүү 53
50. «Тумардай элдин ыйыгы...» 54
51. «Тамак даяр, ичип кайра кум кечүү...» 55
52. «Бир жума көзү ачылбай...» 56
53. «Сен деле көптүн бири сыяктанып...» 56
54. «Курч сөз учуп ортодо, көздөр жайнап...» 57
55. «Көзүңдөн өчүр дедиң жалынымды...» 58
56. «Ойлодуңбу?! жыйырма жыл жетет деп...» 59
57. «Сезбедиң деп жан күйдүрүп...» 60
58. «Келээр бекен мен издеген ал адам?!..» 60
59. Аралык 61
60. Кечигүү 61
61. «Сүйүүнү элестетип...» 62
62. Кесиндилер 63
63. Акыркы кеч 64
64. Сырдашуу 65
65. «Сүйүп калчы...» 66
66. «Айрылуудан жүрөгүм чарчап анда...» 67
67. «Түшүнөсүңбү?! Кымкуут ойлорум...» 68
68. «Бул калаанын бир көчөсү эсте жок...» 68
69. Деңиз — сүйүү 70
70. «Жаздын жашыл гүл бакчасын...» 71
71. «Сезимде уйгу-туйгу...» 71
72. «Кездешүүбү? Сагынычпы? Кимиси?! 73
73. «О, кеч күз, ызгаар-шамалың...» 74
74. «Көп мезгил өтсө—өтөөр шуулдаган...» 74
75. Арман 75
76. Соңку бий 75
77. Сентябрь: Ыр күндөлүк (түрмөк) 76
78. Дарексиз жээк (түрмөк) 88
79. Феруза (ыр менен жазылган драма) 95
80. Аяккы сөз ордуна 113

100c

